# Долбоорго мониторинг жасоо жана аны баалоо системасын түзүү боюнча колдонмо

# Мазмуну

Киришүү ........ 4

**1. Мониторинг жана баалоо системасынын максаттары, негизги аныктамалары жана принциптери ........ 5**

1.1. Мониторинг жасоонун жана баалоонун аныктамасы ........ 6

1.2. Мониторинг менен баалоонун ортосундагы айырма ........ 11

1.3. Мониторинг жана баалоо системасын түзүүнүн негизги принциптери ........ 13

**2. Мониторинг менен баалоонун долбоордун жашоо циклиндеги ролу жана орду ........17**

2.1. Логикалык матрица ........ 20

2.2. Мониторинг менен баалоонун деңгээлдери: продукт, натыйжа жана таасир ........ 23

**3. Мониторинг жана баалоо системасын түзүү ........33**

3.1. Мониторингди жана баалоону пландоо ........ 37

3.2. Мониторингдин тез-тез колдонулган методдору ........ 43

3.3. Долбоорду баалоону өткөрүү ........ 52

3.4. Мониторинг менен баалоонун натыйжалары – отчеттуулук ........ 58

3.5. МжБ системасын түзүү үчүн негизги кадамдарды аткарууну текшерүү барагы ........ 63

**Коррупцияга каршы жергиликтүү деңгээлде колдонулуучу чаралар боюнча сунуштар ........64**

# Кыскартуулардын тизмеси:

| | | |
|---|---|---|
| АӨ | – | Айыл өкмөт |
| ДЖТ | – | Демилгелүү жумушчу топ |
| ЖӨБО | – | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы |
| МжБ | – | Мониторинг жана баалоо |
| GIZ | – | Германия эл аралык кызматташтык коому |
| ФТ | – | Фокус топ |

# Киришүү.

Бул колдонмо Кыргызстандын айылдагы, тоолуу жана алыскы райондорунда жергиликтүү деңгээлде өнүгүү долбоорлорун ишке ашыруу үчүн Жарандык коомду колдоо боюнча GIZ долбоорунун алкагында иштелип чыкты. Долбоор Нарын, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарында үч багытта иш жүргүзөт:

- Уюмдарды жана алардын долбоорлорун түздөн түз каржылоону уюштуруу аркылуу колдоо.
- Жарандык коом уюмдары максаттарына натыйжалуу жана туруктуу жетүү үчүн алардын дараметин жана кесипкөйлүгүн арттыруу.
- Жарандык коом уюмдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы ишенимди жана кызматташууну жогорулатуу.

Колдонмо өнөктөш уюмдар аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдарынын жана демилгелүү жумушчу топтордун (ДЖТ) өкүлдөрүн жеринде мындан ары окутуу максатында иштелип чыкты. Бул колдонмонун акыркы максаты долбоорго максаттык топтор тарабынан мониторинг жасоонун жана аны баалоонун натыйжалуу практикалык методдорун жалпы түшүнүүгө жана пайдаланууга көмөк көрсөтүү болуп саналат. Колдонмодо өзүнө теориялык жана практикалык бөлүмдөрдү камтыйт, анда долбоорго мониторинг жасоо жана аны баалоо (МжБ) системасын пайдалануу үчүн сунушталган формалар, таблицалар жана башка документтер берилди.

Бул документте МжБнын негизги аныктамалары, принциптери жана максаттары; мониторинг менен баалоонун

ортосундагы айырмачылык; долбоордун жашоо циклиндеги МжБнын ролу жана орду, МжБны пландоо – индикаторлор, күтүлгөн натыйжалар, маалымат булактары; маалыматты топтоонун негизги методдору; натыйжаларды, МжБнын маалыматтарын талдоо жана колдонуу; мониторингдин жана баалоонун натыйжалары боюнча отчетторду жазууга карата сунуштар сыяктуу темалар каралды.

# 1. Мониторинг жана баалоо системасынын максаттары, негизги аныктамалары жана принциптери.

Долбоорду башкаруу натыйжага багытталышы керек. Натыйжага багытталган башкаруу долбоордук иш-чараларды уюштурууну пландоонун, көзөмөлдүн жана баалоонун так, логикалуу түзүлгөн системасын пайдалануунун эсебинен иштин бир топ натыйжалуулугун камсыз кылганга мүмкүнчүлүк берет. Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө иш-чаралар план боюнча көзөмөлдөөнү, алардын келип чыгуу деңгээлине жараша аныктоону жана чечүүнү камсыздоого жардам берүүчү кандайдыр бир система болушу зарыл. **МжБ системасы** долбоордун ажырагыс элементи болуп саналат жана ал долбоорду иштеп чыгуудан баштап аны аяктаганга чейин аткарылат. Натыйжалуу мониторинг жана баалоо системасы иш туура багытта алга жылышына жардам бериши керек. МжБ уюмга мурдагы жана учурдагы ишмердик тууралуу тиешелүү маалыматты алганга жардам бериши мүмкүн, ал долбоордун жүрүшүн жөнгө салып туруу, зарыл болсо өзгөртүү киргизүү жана андан ары пландоо үчүн колдону-

лушу мүмкүн. Пландоонун, мониторингдин жана баалоонун натыйжалуу системасысыз долбоордун туура багытта өнүгүп жаткандыгын, ийгиликти канчалык деңгээлде күтүүгө болорун жана мындан ары иштин сапатын кандайча көтөрүү керектигин баалоого мүмкүн болбойт. Туура уюштурулган МжБ системасы дайыма болуп туруучу процесс болуп саналат. Бул кайтарым байланыш, иликтеп-үйрөнүү жана өркүндөтүү дайыма болуп турат дегенди билдирет. Бар пландар МжБдан алынган сабактардын негизинде такай түзөтүлүп турат жана бул алынган сабактардын негизинде келечекке пландар иштелип чыгат.

## 1.1. Мониторинг жасоонун жана баалоонун аныктамасы.

Мониторинг жана баалоо – бул долбоорду башкаруу процессинин маанилүү түзүүчүсү. МжБ долбоордун иш-чараларын аткаруунун жүрүшүндө жетишилген натыйжалар тууралуу ишенимдүү жана такталган системаны куруунун негизин түзөт. Ошентип, маалыматтык отчеттуулук сынчыл талдоо жасоо, уюштуруу билимдерин алуу, маалыматтардын негизинде чечим кабыл алуу жана анын таасирин баалоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Төмөндөгү алкакчада долбоорго мониторинг жасоонун жана аны баалоонун бир топ кеңири тараган негизги аныктамалары келтирилди.

***Мониторинг*** – бул иштин учурдагы абалын план менен салыштыруу үчүн иштин (долбоордун, программанын алкагында) жүрүшүнө дайыма көз жүгүртүп көзөмөлдөп туруу. Мониторинг үзгүлтүксүз жүргүзүлөт, мында программанын же долбоордун бар моделине мониторингдин натыйжасы боюнча өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн. Мониторингдин жүрүшүндө пландалган ишмердик жана натыйжалар иш жүзүндөгү маалыматтар менен салыштырылат. Мониторингдин акыркы максаты алынган маалыматты долбоор же программа боюнча ишти жакшыртуу үчүн пайдалануу болуп саналат.

***Мониторинг*** – бул белгиленген пландардын аткарылышын көзөмөлдөө жана алардын аныкталган стандарттарга туура келерин текшерүү үчүн маалыматты такай топтоо жана талдоо процесси.

Ошол эле учурда мониторинг башкаруу үчүн зарыл маалыматты реалдуу убакыт режиминде берет, мында баалоо бир топ терең талдоону камсыз кылат. Мониторинг процесси баалоо жооп бере турган суроолорду аныктайт. Буга кошумча баалоо олуттуу деңгээлде долбоордук циклдин жүрүшүндө мониторинг аркылуу алынган маалыматка таянат, мисал катары мындай маалыматка баштапкы маалыматтар, долбоорду ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу маалымат жана натыйжалардын көрсөткүчтөрү кирет.

***Баалоо*** – бул ишмердиктин натыйжаларын же долбоорду, планды же программаны ишке ашыруудан алынуучу натыйжаны талдоо. Максат – программанын ишмердигин оптималдаштыруу; ишке ашырылып жаткан планга шайкеш келүүсүн текшерүү; иш-чаралардын пландалган натыйжаларына жетүү / жетпөө себептерин талдоо. Баалоо маалыматтары программалардын ишке ашырылышын иликтегенге, көйгөйлөрдү аныктаганга жана келечек багыттарды сунуштаганга жардам берет. Баалоо долбоорду ишке ашыруунун негизги баскычтарында өткөрүлөт, бул тигил же бул чаралар аркылуу каалаган натыйжага жетүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жогорулатканга шарт түзөт.

Эреже катары, долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө мониторингдин бир нече түрү жүргүзүлөт, алардын тематикасы конкреттүү маалыматтык муктаждыктар менен аныкталат. Төмөндө адатта долбоордун мониторинг системасына кирүүчү мониторингдин ар кандай түрлөрүнө кыскача баяндама берилди. Мониторингдин бардык бул түрлөрү мониторингдин жалпы системасынын алкагында көп учурда бирге өткөрүлөрүн эстен чыгарбоо маанилүү.

**Натыйжалардын мониторинги** натыйжаларды жана таасирди көзөмөлдөп караганга мүмкүнчүлүк берет. Мында

мониторинг долбоор, программа белгиленген натыйжаларга (аралык натыйжалар, акыркы натыйжалар, таасирлер) жетип жатканын жана ал кандайдыр бир атайыланбаган жыйынтыктарга (оң жана терс) алып келбей турганын аныктоо үчүн баалоо менен жуурулушуп кетет. **Мисалы**, GIZтин бул долбоорунун алкагында мониторинг жасоо эгерде жергиликтүү коомчулук менен иштөө жергиликтүү бийлик органдары менен жарандык коомдун ортосундагы кызматташтык үчүн шарт түзсө, бул аралык натыйжаларды жаратат, алар жергиликтүү коомчулуктун туруктуу өнүгүүсүнө таасир этүү менен, омоктуу экономикалык өнүгүү үчүн экономикалык жана коомдук алкактык шарттарды бекемдегенге жардам берет деген жыйынтыкка алып келет.

**Иш-чараларга мониторинг жасоо** салынган каражаттарды жана ресурстарды, ошондой эле аткарылып жатка ниш аракеттерге көзөмөлдөп караганга мүмкүнчүлүк берет. Мындай мониторингдин жүрүшүндө иш-чараларды аткаруу, б.а. убактылуу жана ресурстук чыгымдар көз карашынан алганда алардын натыйжалуулугу кандайча камсыз болору иликтенет. Адатта мындай мониторинг дал келүү мониторинги менен бир мезгилде өткөрүлөт жана натыйжалуулукту баалоо үчүн негиз болуп кызмат кылат. **Мисалы,** айыл жеринде бизнести жаратуу жаатындагы долбоордун алкагындагы мониторинг максаттык кожолуктардагы бардык жазгы себүү иштери жана/же фермерлерди окутуу жана жазгы себүү иштерине даярдоо аймактардын сезондук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен планга ылайык аткарылды деген жыйынтыкка алып келиши мүмкүн.

**Стандарттардын сакталышына мониторинг жасоо** донордук жардам берүү эрежелерине жана анын күтүлгөн натыйжаларына; грант жана контракттар менен аныкталган талаптарга; жергиликтүү бийлик органдары кабыл алган ченемдик талаптарга жана мыйзамдарга; ошондой

эле этикалык стандарттарга туура келишин камсыз кылат. **Мисалы**, инфраструктураны өнүктүрүү жаатындагы долбоордун алкагындагы мониторинг имараттарды, жолдорду ж.б. оңдоо курулуш жаатындагы улуттук жана эл аралык стандарттарга шайкеш келерин аныктоого жардам берет.

**Бенефициарийлерге (жардам алуучуларга) мониторинг жасоо** жардам алуучулар тарабынан долбоорду кабыл алууну көзөмөлдөп караганга шарт түзөт. Мында бенефициарийлердин долбоорго канааттангандыгы же канааттанбагандыгы каралат, буга катышуу, аларга жасалган мамиле, ресурстарды алуу мүмкүнчүлүгү жана жалпы эле өзгөрүүлөрдү сезүү да кирет. Мониторингдин бул түрү, аны кээде бенефициарийлердин көңүл абалынын монитринги деп да аташат, ал көпчүлүк учурда кызыкдар тараптар тарабынан даттанууларды жана сунуштарды жыйноо механизмин да өзүнө камтыйт. Мындан сырткары, ал калктын топторунун ортосундагы айырмачылыктарды, ошондой эле жардамды кыйыр алуучулардын (б.а. долбоордун, программанын кызматын түздөн түз көрбөгөндөр) көңүл абалын да эсепке алышы шарт. **Мисалы**, элет жериндеги аяр мамилеге муктаж үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча долбоордун алкагындагы мониторинг долбоорго катышуучулардын тандоонун адилеттиги, долбоордун жеткиликтүүлүк деңгээли, максаттык топко көрсөтүлгөн кызматтардын сапаты жана долбоордун коом үчүн пайдалуулугу боюнча катышуучулардын пикирлерин аныктай алат.

**Каржылык мониторинг** алдын ала аныкталган чыгымдардын статьяларынын алкагындагы ар бир салым жана иш-чара боюнча көзөмөлдөп кароону жана эсепке алууну камсыз кылат. Эреже катары, ал дал келүү жана процесс мониторинги менен бирге өткөрүлөт. **Мисалы**, коомдук имараттарды, балдар бакчаларын, клубдарды капиталдык оңдоо боюнча долбоордун алкагындагы мониторинг чы-

гымдалган акча каражатынын багыты боюнча туура колдонулгандыгын жанан анын бөлүнүшүн көзөмөлдөөнү камсыз кылат, ошондой эле долбоор ага бөлүнгөн бюджеттин жана убакыттын алкагында ишке ашырылышына жардам берет.

Сиздин долбоордун максатына жана масштабына жараша Сиз жогоруда саналган мониторингдин түрлөрүн чогуу колдонуп, аларды долбооруңуздун алкагында өткөрө аласыз.

Баалоонун көптөгөн түрлөрү бар, аларды ар кандай ыкмалар менен классификациялоого болот. Бирок баалоону өткөрүүдө мамилелерди жана методдорду тандоо акыры келип максаттык топтор жана баалоонун милдеттери менен аныкталат. Бул Колдонмодо баалоонун кеңири таралган бир нече түрү гана берилди.

**Орто мөөнөттүү баалоо** өзүнүн максаты боюнча калыптандыруучу болуп саналат жана долбоорду ишке ашыруунун аралык баскычында өткөрүлөт. Долбоорду ишке ашырууда, 24 айдан аз эмес убакыт ичинде, кандайдыр бир орто мөөнөттүү баалоону, баа коюуну же талдоону өткөрүү талап кылынат. Эреже катары, мындай баалоо сөзсүз эле сырткы же көз карандысыз болушу керек эмес, ал конкреттүү аналитикалык муктаждыктарды эсепке алуу менен өткөрүлүшү мүмкүн.

**Жыйынтыктоочу, акыркы баалоо** өзүнүн максаты боюнча жыйынтыктоочу болуп саналат жана коюлган максаттарга долбоор канчалык деңгээлде жеткендигин аныктоо максатында долбоор аяктаганда (көпчүлүк учурда сырткы күчтөр менен) өткөрүлөт.

**Ички же өзүн-өзү баалоо** долбоорду ишке ашырууга жооптуу жактар тарабынан өткөрүлөт. Мындай баалоо сырткыга караганда анчалык кымбат болбошу керек жана кадрдык дараметти жакшыртууга, жоопкерчилик

деңгээлин жогорулатууга жардам бериши мүмкүн. Бирок, мындай баалоо тиешелүү кызыкдар тараптын жетиштүү ишенимине ээ болбошу мүмкүн, мисалы, каржы донорлорун, анткени алар жооптуу жактарды бир топ (кызыкдар же бир тараптуу) катары кабыл алышы мүмкүн.

**Сырткы же көз карандысыз баалоо** долбоордун кызматкерлерине кирбеген адистер тарабынан өткөрүлөт, бул тиешелүү деңгээлде анын объективдүүлүгүн жогорулатат. Сырткы баалоо көбүнчө жоопкерчилик деңгээлин жана таасирди аныктоого багытталган. Таасирди баалоо долбоорду башкарууга жана милдеттерди аткарууга эмес, анын натыйжасына көңүл бурат. Ушул себептен ал адатта долбоор, программа аяктагандан кийин акыркы/финалдык баалоонун алкагында өткөрүлөт. Бирок, долбоордун таасирин өткөрүүгө мүмкүн болсо, узакка аткарылган долбоорду аткаруу баскычында да баалоого болот.

Мындай баалоо көпчүлүк учурда бенефициарийлерди жана башка негизги кызыкдар тараптарды тартуу менен өткөрүлөт, бул алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, ошондой эле алардын дараметин, жоопкерчилигин жана колдоо деңгээлин жогорулатууга көмөк көрсөтүшү мүмкүн.

## 1.2. Мониторинг менен баалоонун ортосундагы айырма.

Мониторинг менен баалоонун ортосундагы негизги айырмачылык убакытка жана алардын багытына байланыштуу. Мониторинг, эреже катары, аткарылып жаткан долбоорду үзгүлтүксүз көзөмөлдөп кароого багытталган, ошол эле учурда баалоо бул долбоор канчалык натыйжалуу болгондугун жана ал кандай өзгөрүүлөргө алып келгендигин аныктоо үчүн тиешелүү учурда өткөрүлөт. Мониторингдин маалыматтары адатта жетекчилик тарабынан долбоорду андан ары ишке ашыруунун жүрүшүндө, ошондой эле аралык натыйжаларды, бюджеттик каражаттар-

дын сарпталышын, алар кабыл алынган жол-жоболорго ылайык келгендигин ж.б. көзөмөлдөп кароо үчүн колдонулат. Баалоонун натыйжалары (мисалы, орто мөөнөттүү) ошондой эле долбоорду ишке ашыруу процессинде да колдонулушу мүмкүн, бирок баалоонун өзү анчалык тез-тез өткөрүлбөйт жана таасир этүүнү талдоого жана иликтөөгө багытталган болот.

Мониторинг менен баалоонун ортосундагы айырманы таануу менен, бул түшүнүктөр бири-бири менен ажырагыс байланышта экендигин эстен чыгарбоо да маанилүү; мониторинг, эреже катары, баалоо үчүн зарыл маалыматтарды алганга мүмкүнчүлүк берет, ал эми баалоонун элементтери мониторингде болот.

1-таблица. Мониторинг менен баалоонун ортосундагы айырмачылыктарды жалпылоо.

| Көрсөткүчтөр | Мониторинг | Баалоо |
|---|---|---|
| **Мөөнөтү** | Дайыма, долбоорду аткаруу учурунда | Долбоор боюнча иштин жүрүшүнүн абдан олуттуу учурларында мезгил-мезгили менен текшерүү – долбоор аяктаганда, долбоордун ортосунда |
| **Масштабы** | Күндөлүк ишмердик, чыгуу индикаторун (продуктынын), натыйжалардын индикаторлору, иштерди аткаруунун жана өзгөрүүлөрдүн жүрүшү | Аткарылган иш-чаралардын жыйынтыгын жана максаттарга, милдеттерге, таасирге, долбоордун омоктуулугуна карата прогрессти баалоо |

| Көрсөткүчтөр | Мониторинг | Баалоо |
|---|---|---|
| **Негизги катышуучулар** | Долбоордун кызматкерлери, максаттык топтору | Тышкы баалоочулар, долбоордун максаттык топтору, долбоордун кызматкерлери, донорлор, кызыкдар тараптар |
| **Процесс** | Дайымкы жумушчу жолугушуулар, баарлашуулар– ай сайын, чейректик кыскача баяндоолор жана документтерди иликтеп-үйрөнүү | Документтерди иликтеп-үйрөнүү, маалыматтарды топтоо үчүн кошумча аракеттер |
| **Жазуу жүзүндөгү натыйжалары** | Корутундулар жана сунуштар менен регулярдуу отчеттор, текшерүү барактары, протоколдор ж.б. | Долбоорго өзгөртүү киргизүү үчүн корутундулар, сунуштар менен, түрдүү кызыкдар тараптарга берилген долбоордон алынган сабактар менен жазуу жүзүндөгү аналитикалык отчеттор |

## 1.3. Мониторинг жана баалоо системасын түзүүнүн негизги принциптери.

Социалдык өнүктүрүү чөйрөсүнө тартылган бардык долбоорлор үчүн төмөнкү принциптер менен мониторингди дайыма жана баалоону регулярдуу өткөрүүнү камсыздоо маанилүү:

- **Мониторингдин жыйынтык маалыматын колдонуу принциби.** Мониторинг менен баалоонун натыйжа-

сында алынган маалыматтын болушу ал арналгандар тарабынан колдонулушуна али кепилдик бербейт. МжБнын натыйжалары арналган максаттык топ төмөнкүлөрдөн турат:

- Долбоорлордун жетекчилери (маалымат аларга долбоорду күндө ишке ашыруу үчүн зарыл);
- Бюджет боюнча чечим кабыл алуучу адистер (алар каражатты чыгымдоонун оптималдуу варианттарын тандашы керек);
- Уюмдун башкармалыгы (долбоорлордун же программалардын аткарылуусу үчүн көзөмөлдүк кылуу үчүн жоопкерчилик аларга тиешелүү).

Натыйжалар тууралуу маалымат каржылоо жана долбоорду андан ары ишке ашырууга башка ресурстарды бөлүү тууралуу чечим кабыл алууда эсепке алынат. Мониторинг жана баалоо системалары маанилүү маалыматтарды берет, алар уюмдун жетекчилигине жана башка бардык кызыкдар тараптарга бир топ негиздүү чечим кабыл алганга же тиешелүү ресурстарды бөлгөнгө, уюмдун милдеттерине жана негизги багыттарына жетүүгө жардам бергенге шарт түзөт.

> Эсиңизде болсун! Мониторингдин жыйынтык маалыматын **колдонуу** «ийгиликтин» ченеми болуп кызмат кылат. Мониторингдин же баалоонун натыйжасында алынган билимдер олуттуу деңгээлде андан ары колдонгонго багытталган болот.

- **Кызыкдар тараптардын катышуусу.** Пландоонун, мониторингдин, баалоонун, иликтеп-үйрөнүүнүн жана өркүндөтүүнүн бардык баскычтарында кызыкдар тараптарды тартуу, биргелешип катышууга кызыктыруу,

өз ара милдеттенмелерге жана аракеттерге кызыктыруу абдан маанилүү. Мындай система маалыматтын ар кандай – оозеки да, визуалдык да түрлөрүнүн баалуулугун таанышы, ошондой эле долбоорго түздөн түз тартылбаган жергиликтүү тургундардын кабыл алуусун да эсепке алышы керек.

- **Көңүлдү натыйжага топтоо.** Пландоо, мониторинг жана баалоо процесстери ишмердиктин пландалган түрлөрүн аткарууну камсыз кылууга эмес, натыйжаларга жетишүүнү камсыз кылууга багытталышы зарыл. Мындай система жөнөкөй маалымат топтоого көңүлдү топтобостон, ал маалыматты талдоону жана аны чечимдерди кабыл алуу процессинде колдонууну камсыздашы шарт.

- **Сапаттуу жана карама-каршы келбеген маалыматтарды берүү.** Бул отчеттуулук жана окутуу максатында долбоордук циклди камсыз кылуу үчүн азыкка (продуктыга), натыйжага жана таасирге тиешелүү болот.

- **Маалыматтарды сактоо.** Мониторингди, өзгөчө баалоону өткөрүү үчүн аяктаган же иштеп жаткан долбоорлор боюнча сакталган маалыматтардын болушу зарыл. Буга байланыштуу долбоорду аткарууга тиешелүү документтерди файлдарга салып топтоо, сактоо жана аны тиешелүү көзөмөлдөп туруу сунушталат.

- **Ченемдерди жана эрежелерди сактоо.** МжБнын алкагында адамдар тууралуу маалыматтар топтолот, талданат жана берилет, андыктан МжБнын этикалык жана мыйзамдык ченемдердин сакталып өткөрүлүшү жана аларга катышкан, аларга тиешелүү болгон адамдардын бакубатчылыгы маселелерине көңүл буруу абдан маанилүү.

- **Гендердик маселелерге жана калктын аяр топтору менен иштөөгө көңүл буруу.** Маалыматтарды топтоо, талдоо жана берүү процессинде калктын бардык потенциалдуу аяр мамилеге муктаж жана маргиналдык топторунун тең салмакта киришине аракет кылуу зарыл. Жынысы, курагы, денелик жана интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрү, дини жана социалдык-экономикалык абалы менен байланышкан коомдогу өзгөчөлүктөргө жана теңсиздикке көңүл буруу абзел. Ушул себептен улам маалыматты жынысы, курагы жана башка бардык социалдык мүнөздөмөлөр боюнча бөлгөнгө боло тургандай кылып топтоо жана талдоо маанилүү, алар долбоорду иштеп чыгууда жана ишке ашырууда эске алынат. Аялдардын кызыкчылыктары жана тажрыйбасы эркектердин кызыкчылыктары жана тажрыйбасы менен катар эле мониторинг жана баалоо системасынын ажырагыс бөлүгү болуп калышы шарт. Маалыматтар гендердик белгилери боюнча өзүнчө бөлүнүшү керек, долбоор тарабынан аялдарга жана эркектерге көрсөтүлүүчү ар башка таасирди ойлонуп, аңдап сезүү зарыл. Аялдар менен эркектердин бирдей артыкчылыкка ээ болушун камсыз кылуу үчүн гендер тарабынан долбоорго киргизилүүчү өзгөртүүлөрдү аныктоо абзел.

Сапаттык өзгөрүүлөрдү жана таасир этүүнү баалоого багытталган мониторинг жана баалоо системасы үчүн ал бардык деңгээлде кызыкдар тараптардын катышуусунун айланасында түзүлүшү маанилүү. Адамдардын сезүүсү жана алардын тажрыйбасы мындай системанын жүрөк толтосунда болушу керек. Жергиликтүү тургундар болуп жаткан өзгөрүүлөрдү идентификациялоонун күндөлүк процессине тартылышы, алардын бул өзгөрүүлөрдүн таасирин жана маанисин түшүнүүсү зарыл.

# 2. Мониторинг менен баалоонун долбоордун жашоо циклиндеги ролу жана орду.

Ар бир долбоор пландоодон башталат, ага бардык кызыкдар тараптар идеалдуу түрдө тартылышы зарыл. Адатта пландоонун көпчүлүк бөлүгү долбоор кандай көйгөйдү чечеринен түшүнүүгө жана долбоор кандай жол менен өзгөртүү жасарын болжолдоого арналат. Ар кандай долбоордун планында көйгөй маселени баяндоонун, талдоонун болушу шарт, ал чечимдердин боло турган жолдорун көрсөтөт жана көйгөйдү чечүүгө өз салымын кошуу үчүн долбоор кандай аракеттерди жасашы керектиги сыпатталат. Башкача айтканда, мониторингди өткөрүү методдору жана долбоорду баалоо аны иштеп чыгуу жана пландоо баскычында ойлонулган болушу зарыл.

Мониторингди өткөрүү учурунда Сиз долбоордун ишке ашырылышынын жүрүшүн текшересиз жана эмне жакшы болуп жаткандыгын, ал эми эмне ойдогудай болбой жатканын аныктагыңыз келет. Эгерде бир нерсе ойдогудай эмес болуп жатса, Сизге аны өзгөртүү керек болот. Демек, мониторинг долбоорду үзгүлтүксүз пландоого таасир этиши зарыл. Сиз ошондой эле долбоор Сиз чечкиңиз келген алгачкы милдеттерди канчалык кармаsucc жатканын көрөсүз жана иштин жүрүшүнө жараша бул милдеттер өзгөрүшү мүмкүн экенин билесиз. Демек, мониторинг ошондой эле Сиз долбоордун жетишкендиктерин кандайча баалай турганыңызга таасир этет. Мониторинг учурунда керектүү маалыматтар топтолгон болсо,

баалоо бир топ жеңил өтөт. Ишмердигиңизди баалоо Сиз үчүн абдан кызыктуу жол-жобо болушу мүмкүн. Ал Сиз олуттуу оң натыйжага жеткениңизди көрсөтүшү же кайсы учурдан баштап баары керектүү нукта кетпегендигин аныкташы мүмкүн. Эгерде баалоо ар кандай долбоорду келечекте пландоого эч кандай таасир этпесе, анда бул пайдасыз процесс болуп калат. Пландоонун, мониторингдин жана баалоонун ортосундагы бул өз ара мамиле **1-сүрөттө** жалпыланды. Бул үч элемент өз ара тыгыз байланышта жана өзүнчө колдонулбайт.

1-сүрөт.




Төмөндө долбоордун жашоо циклинин элементтери кыскача баяндалды, алар МжБ системасын түзүүнүн негизи, ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

| | |
| --- | --- |
| **Муктаждыкты баалоо** | • **Муктаждыкты алгачкы баалоо.** Мындай баалоо конкреттүү долбоорго болгон муктаждык бардыгын аныктоо үчүн жасалат, эгерде бар болсо, анда анын натыйжалары бул долбоордун алкагындагы иш-чараларды пландоодо эсепке алынат. Долбоордун ийгиликтүүлүгү үчүн максаттык топтун муктаждыктарынын негизги себептерин аныктоо максатында абалды кылдат иликтөө абдан маанилүү. |
| **Долбоорду, программаны пландоо** | • **Логикалык матрица жана индикаторлор.** Бул жумушчу түзүм\таблица, анда максаттар, милдеттер, күтүлгөн натыйжалар жана долбоордун болжолдонгон иш-чаралары, ошондой эле тиешелүү индикаторлор, көзөмөлдөө каражаттары жана болжолдор чагылдырылат.<br>• **МжБны өткөрүүнү пландоо.** Бул максаттарга жетүүгө мониторинг жасоо жана баалоо боюнча конкреттүү иш-чараларды жана долбоордун логикалык матрицасында аныкталган индикаторлорду пландоо.<br>• **Баштапкы абалды изилдөө.** Бул долбоорду ишке ашырууну баштаганга чейинки баштапкы параметрлерди (тиешелүү индикаторлорду) ченөө. |
| **Долбоордун башталышы, ишке ашыруу** | • **Мониторинг, орто мөөнөттүү баалоо жана/же сынчыл кыскача баяндама.** Долбоорду баалоо жана аны ишке ашыруунун жүрүшүнө таасир этүү максатында учурдагы абалды дыкат ойлонуу тууралуу сөз болуп жатат. |
| **Долбоордун аякташы** | • **Финалдык баалоо.** Долбоор аяктагандан кийин коюлган максаттарга канчалык жетишилгендигин жана жолбоорду ишке ашыруу кандай оң өзгөрүүлөргө алып келгенин аныктоо үчүн өткөрүлөт.<br>• **Тажрыйбаны жайылтуу жана сабак алуу.** Бул процесс учурдагы пландоого негиз болуп кызмат кылат. Бирок, отчетторду даярдоо, рефлекция жана билимдерди алуу сыяктуу ишмердиктин мындай түрлөрү долбоордун бүтүндөй жашоо циклинде аткарылышы керек. |

***Эсиңизде болсун!***

- Талапка ылайык пландоосуз жана белгиленген натыйжаларды так аныктабай туруп эмнеге кантип мониторинг жасоону аныктоо абдан татаал болот; демек, мониторинг туура жүргүзүлүшү мүмкүн эмес.
- Натыйжалуу пландоосуз (натыйжалардын так аныкталган алкагысыз) баалоону өткөрүү үчүн база алсыз болот; демек, баалоо сапаттуу өткөрүлбөйт.
- Кылдат мониторинг өткөрбөй, зарыл маалыматтарды топтоо мүмкүн эмес; демек, баалоо сапаттуу өткөрүлбөйт.
- Мониторинг керек, бирок баалоо үчүн жетишсиз.
- Мониторинг баалоого жардам берет, бирок баалоо ошондой эле жаңы, кошумча чогултулган маалыматтарга таянат жана талдоо үчүн ар кандай системаларды пайдаланат.
- Долбоорго мониторинг жасоо жана аны баалоо көпчүлүк учурда долбоордун пландарындагы өзгөрүүлөргө алып келет. Өз кезегинде бул мониторинг жасоо максатында маалымат топтоо процессинде андан аркы өзгөрүүлөрдү жасашы мүмкүн.

## 2.1. Логикалык матрица.

Мониторинг жана баалоо системасын түзүүнүн алгачкы кадамы МжБ системасынын максатын жана ал камтый турган чөйрөнү аныктоо болуп саналат. МжБ системасынын максаты жана ал камтыган чөйрө «Бизге МжБ эмне үчүн керек жана ал канчалык көп нерсени камтышы керек?» деген суроого болгон жооп менен аныкталат.

Бардык долбоорлордо логикалык матрица МжБ системасын түзүү үчүн негиз болуп эсептелет. Логикалык матрица – бул долбоордун жумушчу түзүмү кыскартылган түрдө берилген таблица, ал долбоорду иштеп чыгуу баскычында өткөрүлгөн кырдаалды жана көйгөйлөрдү талдоого негизделген болот. Кыскача формадагы логикалык матрица долбоордун белгиленген натыйжаларына (иш-чаралар, аралык натыйжалар, акыркы натыйжалар жана максат) жетүү боюнча логикалык ырааттуулукту, бул милдеттерди аткаруунун ийгиликтүүлүгүн ченөө үчүн индикаторлорду, ыкмаларды жана негизги болжолдорду чагылдырат. Кылдат иштелип чыккан логикалык матрица долбоордун маалыматтык муктаждыктарын чагылдырат.

Логикалык алкакты колдонуу үч башкы артыкчылыкка ээ болот:

- Долбоордун жумушчу планында чындыгында да көйгөйдү чечкенге жана долбоордун максатына жеткенге чындап жардам бере турган иш-чаралар көрсөтүлгөнүнө Сиз дагы бир жолу ынана аласыз.
- Долбоордун прогрессин жана анын ийгиликтерин (же эрежелерин) чагылдыруу үчүн кандай далилдерди келтирүү керектигин Сиз жумушчу планда эсепке алаласыз.

- Болжолдордун жана тобокелчиликтердин тизмесин түзүү менен, Сиз көзөмөлдөй ала турган, Сиздин долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүнө таасир этүүчү сырткы факторлорду көңүлгө алаласыз.

Логикалык алкак төрт тик катардан турат: Кыскача мүнөздөмө, индикаторлор, көзөмөл /текшерүү каражаттары, маалымат булактары жана болжолдор. Төмөндө 2-таблицада сыпаттамасы менен логикалык алкактын мисалы берилди:

2-таблица. Логикалык алкактын формасы.

| **Кыскача мүнөздөмө (Эмнеге жеткибиз келет)** | **Индикаторлор (Кантип ченөө керек)** | **Текшерүү каражаттары (Маалыматты кайдан, кантип алууга болот)** | **Болжолдор (Дагы эмнени эсепке алуу керек)** |
|---|---|---|---|
| **Долбоордун максаты.**<br><br>Узак мөөнөттүү натыйжалар, иш-чаралар ага жетүүгө багытталган, аларга жетүүгө сырткы факторлор жардам бериши мүмкүн. | **Милдеттерди аткаруу индикаторлору.**<br><br>Сандык жана/же сапаттык критерийлер, алар жетишкендиктерди ченөөнүн жөнөкөй жана ишенимдүү каражатын же коюлган максат менен байланышкан өзгөрүүлөрдүн чагылышын билдирет. | Максатка жетишилгендигин тастыктоо үчүн колдонулуучу маалымат булактары. Маалымат кандайча чогултулат. | Долбоордун максатын камсыз кылуу үчүн зарыл маанилүү сырткы окуялар, шарттар же чечимдер. |

| Кыскача мүнөздөмө (Эмнеге жеткибиз келет) | Индикаторлор (Кантип ченөө керек) | Текшерүү каражаттары (Маалыматты кайдан, кантип алууга болот) | Болжолдор (Дагы эмнени эсепке алуу керек) |
|---|---|---|---|
| **Милдеттер – акыркы натыйжалар.**<br><br>Аткарыла турган иш-чаралар аркылуу жетишүүгө багытталган негизги натыйжалар, көпчүлүк учурда бул максаттык топтун билимине, мамилелерине же практикасына тиешелүү болот. | **Акыркы натыйжаларга жетишүү индикаторлору.**<br><br>Сандык жана/же сапаттык критерийлер, алар жетишкендиктерди ченөөнүн жө-нөкөй жана ишенимдүү каражатын же коюлган максат менен байланышкан өз-гөрүүлөрдүн чагылышын билдирет. | Натыйжаларга жетишилгендигин тастыктоо үчүн колдонулуучу маалымат булактары. Маалымат кандайча чогултулат. | Аткарылуучу иш-чаралардын алкагында түздөн түз көзөмөлдө болбогон, иш-чаралар багытталган акыркы натыйжа максатка жеткенге жардам бериши керек болгон сырткы шарттар. |
| **Продукт бул баштапкы / аралык натыйжалар.**<br><br>Материалдык азыктар, реалдуу жыргалчылык, кызматтар жана акыркы натыйжаларга жетишүүгө алып келген түздөн түз натыйжалар. | **Аралык натыйжаларга жетүү индикаторлору.**<br><br>Ишмердиктин азыктары керектөөчүлөргө жеткирилгенин көрсөтүү үчүн. | Азыктар жеткирилгенин, иш-чаралар аткарылганын тастыктоо үчүн колдонулуучу маалымат булактары. | Аткарылуучу иш-чаралардын алкагында түздөн түз көзөмөлдө болбогон, акыркы натыйжага алып келүүчү аралык натыйжаларды чектеши мүмкүн болгон сырткы факторлор. |

| Кыскача мүнөздөмө (Эмнеге жеткибиз келет) | Индикаторлор (Кантип ченөө керек) | Текшерүү каражаттары (Маалыматты кайдан, кантип алууга болот) | Болжолдор (Дагы эмнени эсепке алуу керек) |
|---|---|---|---|
| **Аракеттер.**<br><br>Баштапкы/ аралык натыйжаларга алып келүүчү ишмердик, иш-чаралар. | | | Аткарылуучу иш-чаралардын алкагында түздөн түз көзөмөлдө болбогон сырткы факторлор, алар ишмердиктин тигил же бул түрүн ийгиликтүү аткарууну чектеши мүмкүн. |

## 2.2. Мониторинг менен баалоонун деңгээлдери: продукт, натыйжа жана таасир.

Мониторинг жана баалоо системасынын башкы учурларынын бири – мониторинг менен баалоого эмне тартыла турганын аныктоо. Долбоордун натыйжаларынын ажыратып билүү керек болгон үч деңгээли болот:

- **Продукт / чыгуу индикатору** – көрүнүктүү азык (продукт), ал долбоор аяктаганда берилет. Эмне жасалды? **Мисалы,** капиталдык ремонт жасалган балдар бакчасынын имаратынын аянты (квадрат метр); балдар бакчасын капиталдык оңдоого катышкан коомчулуктун мүчөлөрүнүн саны; долбоордун алкагында теплица курган үй-бүлөлөрдүн саны; мобилдик китепкананын кызматынан пайдаланган айыл тургундарынын саны.

- **Натыйжалар/ натыйжа индикатору** – долбоордун милдеттерине туура келген кечиктирилгис жана байкалуучу өзгөрүүлөр. Бул өзгөрүү – долбоордун иш-

чараларынын түздөн түз натыйжасы. Эмне болду? **Мисалы,** мектепке чейинки мекемелерге акысыз орношкон аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарынын саны; айылдын бардык теплицаларында өстүрүлгөн жашылчалардын көлөмү; жаңы жашылчаларды, витаминдерди алган балдардын саны.

- **Таасир/ таасир этүү индикатору** – бул узак мөөнөттүү жана туруктуу өзгөрүүлөр, алар долбоордун киришүүсү менен максаттык топтордун турмушунда болот. Эмне өзгөрдү? **Мисалы,** аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн % эне жумушка орношту жана үй-бүлөсүнүн кирешесин арттырды; айылдагы 3төн 12 жашка чейинки % баланын тамактануусу көп түрдүү болду; жылытуу чыгымдарын % сарамжалдаган кожолуктардын саны.

Натыйжалардын бул деңгээлдерин ченөө үчүн **көрсөткүч-индикаторлор** зарыл, алар ошондой эле өз кезегинде бул деңгээлдерге жараша бөлүнөт: чыгуу / продукт индикаторлору, натыйжалар индикаторлору жана таасир этүү индикаторлору.

Сандык жана сапаттык индикаторлордун ортосунда олуттуу айырмачылык бар:

- **Сандык** – индикаторлордогу өзгөрүүлөрдү сандардын жардамы менен көрсөтүүгө болот, мисалы, жашылчаларды өстүрүүнүн жаңы инновациялык технологияларына окутулган коомчулуктун мүчөлөрүнүн саны. Сандык индикаторлор сандык көрсөткүчкө ээ болот, мисалы, бирдиктер – адамдардын саны; пропорциялар – кызмат алган коомчулуктун үлүшү, адатта ал % менен көрсөтүлөт; өзгөрүүлөрдүн деңгээли – отчеттук мезгил ичиндеги кожолуктардын орточо кирешесинин пайыз боюнча өзгөрүшү; баллдар жана деңгээлдерге бөлүү (ранжирование) – беш баллдык системанын негизинде

долбоордун катышуучулары тарабынан коюлган баллдар, алар берилүүчү кызматтардын сапатын баалайт;

- **Сапаттык** – индикаторлордогу өзгөрүүлөрдү сыпаттоонун жардамы менен көрсөтүүгө болот, мисалы, мамилелердин жакшыруу деңгээли, ЖӨБ органдары менен жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрүнүн ортосундагы кызматташтык. Канааттануу – долбоордун ишмердигине канааттануу деңгээлин катышуучулардын кандайча мүнөздөгөндүгү; стандарттар – тиешелүү органдардын окутуусун таануу деңгээли; практика жана жүрүм-турум – окутуу аяктаганда гигиена жаатындагы практика кандайча өзгөрдү; институционалдык өзгөрүү – долбоордун керектөөчүлөрүнүн алдында өкмөттүк эмес уюмдардын жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилик деңгээлин жогорулатуу максатында киргизилген жаңы чаралар.

**Индикаторлор төмөнкүдөй болушу керек:**

- **Конкреттүү** – долбоор өзгөртүү киргизилери күтүлгөн чөйрөлөр менен так байланыштыруу.

- **Так көрсөтүлүүшү** – ченөө жана түшүндүрүү эки ача мааниде болбош үчүн индикаторлор ачык сыпатталышы шарт.

- **Ченеле турган болушу** – тандалган индикаторлор боюнча алгылыктуу мезгил ичиндеги акылга сыярлык чыгымдар менен маалыматты топтоо мүмкүн болуш үчүн так сыпаттоо.

Индикаторлор аныкталгандан кийин ар бир индикаторго протокол иштеп чыгууга болот, анда индикаторду сыпаттоо, ченөө бирдиги, болжолдонгон маалымат булактары, кандай бөлүштүрүү менен маалымат топтолору, маалымат топтоого ким жооптуу болору, индикаторлордун же-

тишкендиктери тууралуу маалыматтар канчалык тез-тез чогултулары чагылдырылат.

Индикатордун протоколу менен эмне ченөө бирдиги болору, маалыматты конкреттүү индикаторго кандайча туура тиешелүү кылуу долбоордун кызматкерлерине түшүнүктүү болуш үчүн иштелип чыгат. Долбоордун кызматкерлери көпчүлүк учурда индикаторлорду чаташтырышат жана маалыматты так беришпейт. Бирок, сандар көп болбогон кыска мөөнөттүү долбоорлор үчүн индикатордун протоколун иштеп чыгуу сөзсүз эмес. Ошого карабастан, индикаторлордун протоколунун формасын сунуш кылабыз, керек болгон учурда Сиз төмөндөгү бул форманы практикаңызда колдоно аласыз.

**3-таблица. Индикатордун протоколунун формасы.**

<table>
<tr><td colspan="2">Долбоордун аталышы: Мобилдик китепкана</td></tr>
<tr><td colspan="2">Долбоордун убактысы: Январь 2013 – декабрь 2014</td></tr>
<tr><td colspan="2">Индикатордун аталышы: Мобилдик китепкананын кызматынан пайдаланган айыл тургундарынын саны</td></tr>
<tr><td colspan="2">Индикаторду сыпаттоо: Бул индикатордо мобилдик китепкананын кызматынан пайдаланган адамдардын-максаттык топтордогу тургундардын саны менен өлчөнөт. Бул китепканадан китептерди, басылмаларды алган, электрондук маалыматтар базасынан пайдаланган, «Токтом» жыйнагынан маалымат алган адамдар, ошондой эле мобилдик китепкананын кызматкерлеринен маалыматты кантип пайдалануу же кошумча окутуу ресурстарын кандайча тапса болору тууралуу кеп-кеңеш алган тургундар.</td></tr>
<tr><td>Ченөө бирдиги: айыл тургуну</td><td>Индикаторду бөлүштүрүү: жынысы, курагы, айылдардын аты, мобилдик китепканадан алынган кызматтардын түрлөрү боюнча.</td></tr>
</table>

<table>
<tr><td>Индикатор дун деңгээли: продукт – чыгуу индикатору</td><td>Долбоор аяктагандагы максаттык көрсөткүч: ар бир айылда 100 адам.</td></tr>
<tr><td colspan="2">Маалымат булактары: Мобилдик китепкананын кызматкерлеринин тизмелери, келүү журналы\картотекасы, долбоордун отчеттору, фото материалдар.</td></tr>
</table>

Мониторинг учурунда баарынан көп чыгуу/продукт индикаторлору жана натыйжалар индикаторлору чогултулат жана ченелет, алар көбүнчө сандык индикаторлор түрүндө аныкталат. Таасир этүү индикаторлору көбүнчө долбоорду баалоо учурунда ченелет, анткени иш-чаралар аяктагандан кийин дароо эле бардык таасир этүү индикаторлоруна жетүүгө болбойт. Андыктан таасир этүү индикаторлору көбүнчө сапаттык индикаторлор катары аныкталат жана кээде аларды ченөө, далилдөө кыйынга турат. Айрым долбоорлордо таасир этүү долбоор аяктагандан 3-5 жылдан кийин болушу мүмкүн. Демек, Сизге, биринчиден, долбоордун алдындагы так максаттарды аныктоого туура келет, аларды кийин так ушундай конкреттүү сапаттык индикаторлор менен ченөөгө болот. Долбоордун таасирин тагыраак далилдөө үчүн долбоорго алгачкы баскычта **баштапкы абалды** – долбоор башталганга чейин кандай кырдаал болгонун аныктоо жана долбоордун таасири аркылуу бардык оң өзгөрүүлөрдү, өнүгүү динамикасын карап көзөмөлдөө үчүн алынган маалыматтарды белгилеп жазуу керек болот.

Баштапкы абалды башка сөз менен базалык линия (base - line) деп да аташат. Идеалдуу түрдө базалык линия муктаждыктарды жана көйгөйлөрдү аныктоо учурунда аныкталышы зарыл. Бирок көпчүлүк учурда бул аткарылбайт, ошондуктан долбоорду пландоо, милдеттерди коюу жана

индикаторлорду аныктоо менен бирге баштапкы абалды иликтөө зарыл. Мисалы, алыскы тоолуу райондордогу балдардын витаминдерди, жашылча-жемиштерди алуу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу жаатында иштеп жаткан долбоор үчүн долбоор башталганга чейин бул алыскы райондордогу балдар кандай жашылча-жемиштерди канча көлөмдө алышарын ченөө зарыл. Башка мисал, ЖӨБ органдары менен жарандык коомдун ортосундагы кызматталганга чейин бардык максаттык ЖӨБ органдары боюнча ташуунун деңгээлин күчөтүүнү баалоо үчүн долбоор баш кызматташуу деңгээлин ченеп, белгилөө керек болот. Мында кызматташуу деңгээлин аныктоо эле эмес, долбоорду пландоого, аны ишке ашырууга, өзүнүн салымын кошууга, долбоорго мониторинг жасоого, ошондой эле долбоор аяктагандан кийин анын натыйжасынын омоктуулугун камсыз кылууга ЖӨБ органы кандай катышканын аныктоо кызыктуу болмок. Эгерде базалык иликтөө маалыматтарды көрсөтсө, бул параметрлер боюнча да ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү менен иштөөдө кайсы аспектилерге көбүрөөк акцент кылуу керектиги долбоор үчүн ачык көрүнөт.



Төмөндө базалык линияны ченөөнү кандайча пландоонун жана базалык линиянын натыйжаларын кандайча чагылдыруунун болжолдуу таблицасы (4-таблица) берилди.

**4-таблица. Базалык линияны даярдоонун жана анын натыйжаларын чагылдыруунун болжолдуу таблицасы.**

| Долбоордун аталышы: | | | |
|---|---|---|---|
| **Долбоордун убактысы:** | | | |
| **Базалык тизмекти – баштапкы абалды аныктоо датасы:** | | | |
| **Индикатордун аталышы** | **Базалык тизмектин негизги суроолору** | **Методдор / куралдар** | **Маалымат булактары/ респонденттер** |
| Колдоого алынган жергиликтүү жарандык коом уюмдары (ЖКУ) 50%ы МжБ маалыматтарын өз алдынча алышат жана колдоого алынган долбоорлордун натыйжалуулугу тууралуу өз пикирлерин айтышат. | • канча ЖКУ долбоордун башталышында өз долбоорлоруна МжБ өткөрүшөт?<br>• канча ЖКУнун иштелип чыккан МжБ пландары бар жана анда долбоордун негизги индикаторлору тууралуу билишет? | • ЖКУ арасында сурамжылоо<br>• максаттык ЖКУ үчүн чакан анкета | • максаттык ЖКУ өкүлдөрү, жетекчилери<br>• ЖКУ долбоордук документтери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы эки жамааттагы 50% максаттык жарандык коом уюмдары (ЖКУ) менен жергиликтүү өз алдынча органдарынын (ЖӨБО) ортосундагы мамиле 1-10 шкаласы боюнча 2 пунктка жакшырды | • долбоордун башталышына карата максаттык коомчулуктардагы ЖКУ менен ЖӨБОнун кызматташуусу кайсы деңгээлде:<br>– Пландоого катышуу<br>– Ишке ашырууга катышуу<br>– Мониторингe катышуу<br>– Омоктуулукту камсыз кылууга катышуу | • ЖКУлар, ЖӨБО арасында коомчулуктун тургундарын сурамжылоо | • XXXX ЖКУнун өкүлдөрү<br>• XXXX ЖӨБО өкүлдөрү<br>• XXXX коомчулуктун өкүлдөрү, анын ичинде аялдар жана жаштар |
| Гранттардын 20% каржы каражаттары ЖКУ тарабынан пайдалуу иш-чараларга колдонушат, алар биринчи кезекте, социалдык жактан корголбогон топтор (аялдар, балдар, ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелгендер) жана/же карама-каршылыктарды тынч чечүүгө багытталышы | • гранттын каражатынын канча %ын долбоордун башталышында максаттык ЖКУлар калктын социалдык жактан корголбогон катмарынын көйгөйлөрүн чечкенге колдонушту? | • ЖКУнун долбоорлорунун, иш-чараларынын акыркы 3 жылына талдоо<br>• ЖКУ, ЖӨБО өкүлдөрүн сурамжылоо | • ЖКУнун документтери, отчеттору<br>• ЖКУ, ЖӨБО өкүлдөрү |

| **Индикатордун аталышы** | **Базалык тизмектин сандык натыйжалары** | **Базалык тизмектин сапаттык натыйжалары** | **Сунуштар (зарылчылык болсо)** |
|---|---|---|---|
| Колдоого алынган жергиликтүү жарандык коом уюмдарынын 50%ы МжБ боюнча маалыматтарды өз алдынча иштеп чыгышат, колдоого алынган долбоорлордун натыйжалуулугу тууралуу өз пикирлерин билдиришет | Мында базалык тизмектин негизинде кандай сандык маалыматтар, алынганын көрсөтөсүз, б.а. ЖКУнун канча %ы долбоордун башталышында өз долбоорлоруна МжБ жүргүзөт | Мында Сиз Сандык маалыматтарга түшүндүрмө бере аласыз | Зарылчылык болгондо кайсы аспектилерге көп көңүл буруу тууралуу сунуштарды берсе болот |
| Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы эки жамааттагы 50% максаттык жарандык коом уюмдары (ЖКУ) менен жергиликтүү өз алдынча органдарынын (ЖӨБО) ортосундагы мамиле 1-10 шкаласы боюнча 2 пунктка жакшырды | Бардык 10 баллдан 6,4ү | • ЖӨБО иш-чараларды ишке ашырууга дайыма эле ак ниет катыша бербейт | |



**Эсиңизде болсун!**

- Эгерде долбоордун максаты, милдеттери жана күтүлгөн натыйжалары башында эле конкреттүү эмес, бүдөмүк болсо, анда логикалык алкакты иштеп чыгуу, так, жөнөкөй ченелүүчү индикаторлорду аныктоо абдан кыйынга турат. Эмнеге жеткиңиз келгенин жана долбоордон кандай өзгөрүүлөрдү күтүп жатканыңызды болушунча так аныктаганга аракет кылыңыз.
- Көп сандагы индикаторлордун болушу долбоордун ийгиликтүү болушунун көрсөткүчү эмес, индикаторлордун санын болушунча кыскартканга жана сапаттык индикаторлорду да колдонгонго аракет кылыңыз. Долбоорлордо көпчүлүк учурда сандык кирүү жана чыгуу индикаторлорун пайдаланышат.
- Күтүлгөн натыйжаларды жана индикаторлорду аныктоодо дайыма «эмне экен?» деген суроону бериңиз, бул натыйжаларга эмне үчүн жетишүүнү каалайбыз, бул индикаторлорго жеткенден кийин эмне болот.
- Көпчүлүк учурда күтүлгөн натыйжаларды индикаторлор менен чаташтырышат. Долбоордон күтүлүүчү натыйжа – бул Сиздин иш-чараларыңыздан кийин орто мөөнөттүү мезгилде боло турган кырдаал. Ал эми индикаторлор – бул күтүлүүчү натыйжалар болгонун, индикаторду пайдаланып аны ченөөгө болорун жана натыйжа бар экендигин далилдеген көрсөткүчтөр.
- Баштапкы абалды ченөөнү көп убакыт жана каражат сарптаган чоң изилдөөгө айлантпаңыз. Жөн гана эки, үч негизги маселени аныктоо жана алар боюнча маалыматты топтоп, аны белгилеп жазуу зарыл.

- Көпчүлүк учурда базалык тизмек долбоор үчүн кошумча маалыматты берет жана пландалган иш-аракеттерден сырткары долбоордун натыйжалуулугун күчөтүү үчүн кандай иш-чараларды өткөрүү керектигин билдириши мүмкүн. Ошондуктан базалык тизмекти долбоорду пландаштырганга чейин, муктаждыктарды баалоо учурунда ченеген жакшы болот.

# 3. Мониторинг жана баалоо системасын түзүү.

Долбоорду баштаганга чейин ишке кандайча мониторинг жасай турганыңызды пландап алуу маанилүү. Мониторинг системасы долбоор башталган учурда даяр болуп калышы керек, андыктан ал долбоор иштеген алгачкы учурдан ишке ашырыла баштайт. Мониторинг системасын даярдоодо төмөнкү суроолорго жооп берүү керек болот:

- **Кандай маалыматтарды чогултуу керек?**

Аны үчүн логикалык алкакты иштеп чыгуу учурунда Сиз негизги индикаторлорду – долбоордун натыйжаларынын көрсөткүчтөрүн аныктагансыз. Ошентип, алгач логикалык алкакка кирген индикторлордун тизмесин аныктоо керек болот, бирок ошондой эле мониторинг учурунда – маалымат топтоодо Сиз айрым индикаторлор иштебей турганына, б.а. алар боюнча маалыматты топтоого болбой турганына күбө болосуз, ошондой эле жаңы индикторлор келип чыгышы мүмкүн. Бул учурда Сиз аны мониторинг системасына ишеним менен кошо аласыз.

- **Маалыматты ким чогултат?**

Маалымат булагына жараша долбоордун ар кандай кызматкерлери маалыматты топтой алышат. Маалымат

булагына жана аны топтоо методуна карай долбоордун кызматкерлери маалымат топтоого тартылышы мүмкүн, бирок бардык маалыматты бириктирип, жалпы отчетту, көрсөткүчтөрдү даярдап, маалыматтарды талдай турган жоопту адам болушу керек. Долбоордун катышуучулары мониторинг маалыматты документтештирүү аркылуу уюмдун институционалдык эс-тутумун уюштура турганын түшүнүшү керек. Башка сөз менен айтканда, пландалган иш-чараларды өткөрүү үчүн бардык жоопту жактар маалыматтарды өз учурунда топтошу зарыл, алар кийин долбоорго мониторинг жасоо жана аны баалоодо маалымат булагы болуп калат. Чоң долбоорлордо адатта мониторинг жасай турган жана субъективдүү болгонго кызыкдар эмес адамды атайын жалдашат, андыктан кызматкерлерди, долбоордун катышуучуларын дайыма эле тартууга болбойт. Алар маалымат булагы катары болушу мүмкүн. Имараттарга, жолдорго капиталдык оңдоо; социалдык объектилерди куруу; айыл чарба техникасын бөлүштүрүү; жабдууларды сатып алуу ж.б. боюнча инфраструктуралык долбоорлордо адатта мониторинг үчүн топтор түзүлөт, алардын мүчөлөрү ремонт жасаганга (стандартты сактаганга мониторинг жасоо), тендер өткөргөнгө (мыйзамдык ченемдерди сактаганга мониторинг жасоо) ж.б. байкоо жүргүзөт.

- **Мониторинг үчүн маалыматты кантип топтоо керек?**

Мониторинг жана баалоо үчүн зарыл маалыматтарды тандоо – бул МжБ системасын түзүү үчүн алгачкы гана кадам болот. Мониторинг үчүн маалымат топтоо максатында түрдүү куралдар бар, ага түрдүү адамдардан жана топтордон интервью алууну, расмий кыскача маалыматтарды топтоону биргелешип бачым баалоону жана байкоону буга кошууга болот. Тиешелүү методдорду тандоо

долбоордун мүнөзү, кызматкерлердин жана долбоордун катышуучуларынын көндүмдөрү, долбоордун иш графиги жана жеткиликтүү ресурстар сыяктуу түрдүү факторлордон көз каранды болот. Маалымат топтоо методдорун тандоодо мониторинг дайыма болуучу процесс экендигин жана Сизге маалыматтарды кайрадан топтоону пландоону эсепке алуу маанилүү. Маалыматтарды топтоо методдорун, куралдарын пайдалануу мониторинг менен баалоонун максаттарынан көз каранды болот. Бирок, ар кандай мониторинг же баалоо системасы натыйжаларга карата **триангуляции** принцибин колдонууну камсыз кылуу максатында маалыматтарды топтоо үчүн методдордун кеңири топтомун колдонуусу керек. Идеалында өзгөрүүлөрдү көрсөтүү максатындагы ар кандай индикатор үчүн маалымат ар түрдүү булактардан алынышы зарыл.

Триангуляция мониторинг менен баалоодо колдонулуучу маалыматтын сапатын жогорулатуу үчүн абдан пайдалуу ыкма болуп саналат. Триангуляция – бул ар кандай булактардан маалымат топтоо, түрдүү методдорду колдонуу менен маалымат жыйноо жана/же маалымат топтоо үчүн ар кандай адамдарды колдонуу. Эгерде үч ар кандай булактардан алынган фактылар бири-бирине туура келсе, маалыматтар ишенимдүү жана алар аркылуу түзүлгөн көрүнүш абалды жакшылап чагылдырат деп болжолдоого болот.

- **Маалыматты качан топтоо керек?**

Реалист болуп, маалыматты ашыкча эле тез-тез топтоштун кереги жок, мониторинг жасоо мөөнөттөрү маалыматтардын типтеринен жана аларды топтоо методдорунан көз каранды болушу шарт. Тизмелерди, катышуу журналдарын, жумушчулардын табелдерин ж.б. иш-

чараларды толтуруу акылга сыярлык иш, бирок катышуучулар менен интервьюну ар жумада өткөрүү жана мисалы, окуудан кийин алардын турмушунда, жүрүм-турумунда эмне өзгөргөнүн дароо эле аныктоо ашыкчалык кылат. Көпчүлүк учурда өзгөрүү индикаторлоруна караганда сандык кирүү жана чыгуу индикаторлору тууралуу маалыматты топтоо туура болот.

- **Мониторинг боюнча маалыматты топтоону ким уюштурат жана талдайт?**

Булар долбоордун кызматкерлери болот, алар иерархияга ылайык, жогору турган кызматкерлерге отчетторду беришет, алар отчетторду жалпылап, талдашат. Кээде уюмда жана долбоордо атайын кызматкерлер – МжБ боюнча адистер жалданат, алар МжБны топтоо, талдоо жана отчеттуулук боюнча жооптуу болушат.

- **Мониторингдин натыйжалары кандайча пайдаланылат?**

Албетте, мониторингдин корутундулары донорлор үчүн отчетторго кошулат, бирок долбоордун ишке ашышына таасир этүү жана мониторингдин натыйжалары боюнча долбоордун мамилесин күчөтүү үчүн долбоордун жүрүшүн талкуулоо максатында отчетторго мониторинг жасоо учурунда максаттык топтор, долбоордун кызматкерлери жана башка коомчулуктун өкүлдөрү сыяктуу жергиликтүү кызыкдар жактар менен такай жолугушуу өткөрүү максатка ылайык болот. Мындай жолугушуулар долбоорду ишке ашыруунун прогресси тууралуу тастыктамаларды келтиргенге, келип чыккан конкреттүү маселелерди чечкенге жана келечекке пландарды түзгөнгө жакшы мүмкүнчүлүк болот. Мындан сырткары, мисалы, Сиздин долбооруңуз капиталдык ремонт жасайт же социалдык объектилерди куруп жатат дейли. Бул жергиликтүү

коомчулуктун алдында отчеттуулук үчүн жакшы курал болуп саналат. Сиз ошондой эле маалымат буклетин чыгара аласыз, иш кандай жылып жатканы тууралуу калкка маалымдоо үчүн анда бюджет, чыгымдар, колдонулган материалдар, коомчулуктун мүчөлөрүнөн катышуучулар тууралуу бардык маалыматты чагылдырсаңыз болот. Мунун баарынан сырткары мониторингдин натыйжалары долбоордун жетекчилери үчүн кызыктуу болушу керек, алар келечекте чечим кабыл алуу үчүн аныкталган маалыматтарды эске алышы зарыл. Мисалы, эгерде мониторинг учурунда башка мезгилдерге караганда жазында жана күзүндө айылдагы жалпы чогулуштун катышуучулары аз болгону аныкталса, айыл тургундарын кантип тартууну талдап, чечим кабыл алуу керек болот. Же болбосо мониторинг учурунда репродуктивдүү ден соолук жана энелерди коргоо боюнча тренингде кары адамдар жана негизинен аялдар көп катышканы аныкталса, анда да бул долбоордун койгон максаттарына жеткиреби, аны ойлонуп көрүү керек болот.

## 3.1. Мониторингди жана баалоону пландоо.

Мурдагы параграфта биз мониторинг жана баалоо системасы кандай негизги суроолорго жооп бериши керектигин талкууладык. Төмөндө мониторинг жана баалоо планынан мисал келтиргибиз келет (3-таблица), анда бардык бул суроолор бирдиктүү матрицага бириктирилген, андан мониторингге эмне тартылары, ал ким тарабынан, кандайча уюштуруларын визуалдуу түрдө түшүнүүгө болот. Бул таблицаны адатта **логикалык алкакты, жумушчу пландарды, индикаторлордун протоколдорун, базалык тизмектин маалыматтарын жана максаттык көрсөткүчтөрдү колдонуу менен** долбоорду баштап жаткан баскычта иштеп чыгышат.

Бул планда Сиз мониторинг учурунда кандай индиктор-лорду карап көзөмөлдөй турганыңыз жана долбоорду баалоонун алкагында кандай индикаторлорду баалай турганыңыз маанилүү болот. Адатта таасир этүү индикаторлору долбоорду финалдык баалоо учурунда ченелет, бирок мониторингдин алкагында бул жетишкендиктерди ченегенге мүмкүнчүлүк бар. Баалоо долбоордун бул жетишкендиктерин дагы бир жолу тастыктайт жана бир топ терең, сапаттуу маалыматты берет.

Бул планды түзүүдө маалымат топтоо, б.а. мониторинг өткөрүү үчүн кайсы негизги методдор колдонуларын ойлонуп, аныктоо керек болот. Методдор жөнөкөй, реалдуу болушу зарыл, бирок Сиз тандаган мониторинг учурунда иштебеген ченде да Сиз сабак алып, кийинки мониторинг учурунда башка медоддорду колдоно аласыз.

МжБнын негизги планын иштеп чыккандан кийин добоордун бүтүндөй мезгилине МжБ боюнча иш-чараларды аткаруу планын иштеп чыгуу сунушталат. Ал төмөнкү 4-таблицада берилди: МжБны айлар боюнча өткөрүүнүн конкреттүү мөөнөттөрү, жооптуу адамдар ж.б.

**5-таблица.** Мониторинг жана баалоо планынын формасы.

| | Индикатор | Базалык линия/ максат | Ченөө бирдиги | Бөлүш-түрүү | Маалымат булактары | Методдор | Маалыматты топтоонун тездиги | Жооптуу адамдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Таасир | % максаттык ЖКУ өз алдынча такай МжБ өткөрөт жана аткарылган долбоорлордун натыйжалуулугуна баа берет | Базалык линия - 0<br><br>Цель 50% | ЖКУ | БӨУнун ишмердигинин түрү, жайгашкан орду, долбоорлорунун түрлөрү боюнча | Долбоорду баалоо отчету, ЖКУ тизмеси | Фокус-топ (ФГД), ЖКУ менен интервью; жашоочуларды сурамжылоо; ЖӨБ органдары менен интервью | Жыл сайын жана /же долбоордун аягында | Аты-жөнү |
| | Аз камсыз болгон ата-энелер ишке орношуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонун же алардын балдары мектепке киргенге даярдананга мүмкүнчүлүк алышканын белгилешет | 50% | Ата-эне | Үй-бүлөнүн социалдык статусу, иштин түрү, үй-бүлөдөгү балдардын саны | Долбоорду баалоо отчету, ата-энелерди сурамжылоонун натыйжалары, ата-энелердин тизмелери | Ата-энелер; ЖӨБ органдары; долбоордун өкүлдөрү менен жолугушуулар | Жыл сайын жана /же долбоордун аягында | Аты-жөнү |

| | Индикатор | Базалык линия/ максат | Ченөө бирдиги | Бөлүш-түрүү | Маалымат булактары | Методдор | Маалыматты топтоонун тездиги | Жоопту адамдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Натыйжа | МжБ системасын өз долбоорлоруна киргизген ЖКУ саны | Базалык тизмек – 0%<br>70% | ЖКУ | БӨУнун ишмердигинин түрү, жайгашкан орду, долбоорлорунун түрлөрү боюнча | МжБ пландарынын, логикалык алкактардын, МжБ отчетторунун, ЖКУ документтеринин көчүрмөлөрү, ЖКУ тизмелери | ЖКУ менен фокус-топторду, документтерди иликтөө, ЖКУ сурамжылоо | Жарым жылда бир жолу | Аты-жөнү |
| | Балдар бакчасына барган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарынын саны | Базалык линия - 0<br>Максат - 100 | Бала | Гендер, курагы, үй-бүлөнүн социалдык статусу | Журналдагы балдардын тизмеси, отчеттор | Балдар бакчасына баруу | Жарым жылда бир жолу | Аты-жөнү |

| | Индикатор | Базалык линия/ максат | Ченөө бирдиги | Бөлүш- түрүү | Маалымат булактары | Методдор | Маалы- матты топтоонун тездиги | Жооптуу адамдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Азык (продукт) | ЖКУ окутулган өкүлдөрүнүн саны | Максат – 50 | Каты- шуучу | Гендер, ку- рагы, ЖКУ орду | Катышуу- чулардын тизмеси, фото мате- риалдар | Тренинг учу- рунда байкоо, катышуучу- лар менен интервью | Ай сайын | Аты- жөнү |
| | Өткөрүлгөн тренингдердин саны | Максат - 50 | Тренинг | Темалар, мөөнөттөрү боюнча | Модулдар, таркатма материал- дар, баалоо барактары, тренинг от- четтору | Документтер- ди, отчеттор- ду иликтөө | Ай сайын | Аты- жөнү |
| | Бала бакчанын оңдолгон имара- тынын аянты | Максат – 300 | Квадрат метр | Материал- дар, оңдоо иштеринин түрлөрү | Каржы до- кументтери, чыгымдар сметасы, башындагы жана кийин- ки фотолор | Документтер- ди иликтөө, байкоо, имарат жайды кароо | Жума сайын | Аты- жөнү |
| | Оңдоого катыш- кан коомчулук- тун мүчөлөрүнүн саны | Максат - 50 | Айыл тургуну | Гендер, курагы, ишмердиги- нин түрү | Ремонт кы- луу тизме- си, графиги, фотомате- риалдар | Айыл тургун- дары, фокус- топ менен жолугушуу | Жума сайын | Аты- жөнү |

**6-таблица.** МжБ иш-чараларын долбоор иштеген жылдарга пландоонун болжолдуу формасы.

| **МжБ боюнча ишмердик / иш-чаралар** | **Мөөнөттөр / мезгилдүүлүк** | **Жооптуу адамдар** | **Зарыл ресурстар** |
|---|---|---|---|
| Баштапкы абалды изилдөө / базалык тизмек | | | |
| Акыркы абалды изилдөө | | | |
| Иш-чараларга мониторинг жасоо | | | |
| Натыйжаларга мониторинг жасоо | | | |
| Максаттык топторго мониторинг жасоо | | | |
| Курулуш иштерине мониторинг жасоо | | | |
| Материалдарды сатып алганга мониторинг жасоо | | | |
| Орто мөөнөттүү баалоо | | | |
| Финалдык баалоо | | | |
| Жылдык отчеттор | | | |
| Донорлорго отчеттор | | | |

Ошондой эле МжБны пландоо баскычында индикаторлорду карап көзөмөлдөө таблицасын (5-таблица) иштеп чыгуу сунушталат, ал мониторингдин өткөрүлүшүнө жараша толтурулуп турат, бирок көпчүлүк учурда мындай таблицаны жетекчиликке же донорлорго отчет берүү мөөнөттөрүнө жараша чейректе же жарым жылда бир толтурушат. Бул таблицада чейректер боюнча долбоордун бардык индикаторлору чагылдырылат. Бул таблицаны сыпаттама отчетко тиркеме катары пайдаланып, долбоордун жетекилигине жана / же донор уюмдарга берүүгө болот..

**7-таблица.** Долбоордун индикаторлорун бир жылга карап көзөмөлдөөнүн болжолдуу таблицасы.

| Индикатор | Базалык маани | Бир жылга максат | Чейректер боюнча иш жүзүндөгү натыйжалар | | | | Жылдын аягында | Пландан четтөө |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | I чей. | II чей. | III чей. | IV чей. | | |
| **1. Күтүлүүчү натыйжа: ЖӨБ органдары менен жарандык коом уюмдары (ЖКУ) ортосундагы кызматташтык жакшырды** | | | | | | | | |
| Колдоого алынган долбоорлор ЖӨБ органдары менен ЖКУнун ортосундагы кызматташтыкты карайт. | | **60%** | | | | | | |
| **2. Жарандык коомдун дарамети бекемделди жана жарандык коом уюмдарынын тармагы күчөтүлдү** | | | | | | | | |
| Жыл сайын жарандык коомдун дараметин арттыруу боюнча иш-чаралар жана тренингдер өткөрүлөт. | | **3** | | | | | | |
| Колдоого алынган МжБ системасы жок ЖКУ МжБ боюнча маалыматтарды топтоп, иштеп чыга алат. | | **50%** | | | | | | |

## 3.2. Мониторингдин тез-тез колдонулган методдору.

**Документтерди иликтөө** – кирүү жана чыгуу индикаторлорун карап көзөмөлдөө үчүн ай сайын долбоордук документтерди – отчетторду, тизмелерди, протоколдорду,

фотоматериалдарды ж.б. иликтөө керек болот. Долбоордун документтери ошондой эле бенефициарийлердин респонденттерди аныктоосуна мониторинг жасоого, мониторинг үчүн ким менен жолугушууларды өткөрсө болоруна жардам берет. Мисалы, эгерде Сиз өткөрүлгөн окутуу тренингдеринин натыйжаларын ченегиңиз келсе, Сиз бардык катышуучулардын тизмесинен кокусунан тандоо методу менен бир канча катышуучуларды тандап, алар менен жолугушууларды өткөрүп, долбоор өткөргөн тренингдер алардын турмушуна кандай таасир эткенин биле аласыз. Логикалык матрицаны толтуруу учурунда маалымат булактары – долбоордун алгачкы документтери аныкталат, ошондуктан долбоордун кызматкерлери тизмелердин формасын, протоколдорду, сыпаттама отчеттордун форматын, сандык отчеттордун табличкасын алдын ала алышы керек. Адатта бул формалар долбоордун менеджерлери жана МжБ адистери менен биргеликте иштелип чыгат. МжБны пландоо таблицасында документтерди иликтөөнүн тездиги аныкталат, башка сөз менен айтканда, долбоордун кызматкерлери МжБ үчүн отчеттун кандай түрлөрүн ай сайын берүү керектигин билиши абзел.

**Байкоо** – процесстерге мониторинг жасоодо, мисалы, коомдук жыйындарды, окутуу тренингдерин өткөрүүдө, мобилдик китепканаларга барууда тез-тез колдонулат. Ошондой эле бул метод инфраструктуралык долбоорлорго мониторинг жасоодо пайдалуу. Бул методдо эмнени карап көргүңүз келгенин – катышуу, берилүүчү материалдардын сапаты, коомчулуктун өкүлдөрүнүн тартылуусун, курулуш стандарттарын сактоону, каражаттарды максаттык багыты боюнча чыгымдоону ж.б. так аныктоо зарыл. Адатта максатка жараша байкоолор үчүн ар кандай текшерүү барактары колдонулат. Төмөндө текшерүү барактарынын сунушталган бир нече формаларын беребиз, алардын негизинде Сиз өзүңүздүн текшерүү

барактарыңызды иштеп чыга аласыз же бул формаларды колдоно аласыз. Маалыматты топтоонун аныкталган тездигине – мониторинг өткөрүүгө жараша МжБ планынын таблицасында байкоо жүргүзүлөт. Бул текшерүү барактары байкоо жүргүзүү учурунда колдонулат жана өткөрүү күнүнө жараша дыкаттык менен өзүнчө папкаларга документтештирилет. Бул таблицаларды ошондой эле мониторинг отчетуна тиркеме катары да пайдаланып, долбоордун жетекчилигине берүүгө, коомчулук алдында отчет берүүгө болот. Эгерде биринчи байкоо учурунда каталар же иш-чаралардын алсыз жактары аныкталса жана мониторингдин натыйжалары боюнча күчөтүүгө сунуштар берилсе, анда экинчи байкоону өткөрүүгө жана сунуштар канчалык эске алынганын жана долбоордун алсыз жактары канчалык күчөтүлгөнүн карап көзөмөлдөөгө болот. Демек, байкоо өткөргөн топто бардык бул текшерүү бактары папкаларда сакталышы керек.

**8-таблица.** Коомчулуктагы иш-чараларды, чогулуштарды, жыйындарды, коомдук угууларды ж.б. текшерүү барагы.

<table>
<tr><th colspan="6">Долбоордун аталышы: ______________ Иш-чаралар: ______________<br>Өткөрүү орду: ____________________ Өткөрүү күнү ___________________</th></tr>
<tr><th colspan="2">Байкоого алынган объектилерди кеңири сыпаттоо</th><th>Толугу менен</th><th>Жарым-жартылай</th><th>Минимум</th><th>Түшүндүрмөлөр</th></tr>
<tr><td rowspan="3">Пландоо процесси</td><td>Бардык жооптуу адамдар иш-чараларды пландоого, даярдоого тартылды</td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Иш-чаралардын программасы иш-чаралардын темасынын бардык зарыл негизги маселелерин өзүнө камтыйт</td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Программа басылып, иш-чаралардын бардык катышуучуларына таркатылды</td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Таркатма материалдар басылып, иш-чаралардын бардык катышуучуларына таркатылды | | | | |
| **Иш-чараларды өткөрүү** | Иш-чара өз убагында кечикпестен башталды | | | | |
| | Бардык катышуучулар талкуугa максималдуу түрдө тартылды | | | | |
| | Катышуучулар иш-чаранын максатын түшүнүшөт | | | | |
| | Алып баруучу катышуучулардын бардык пикирлерин кагазга белгилеп турат | | | | |
| | Негизги корутундулар катышуучулар менен макулдашылып, аларга айтылды | | | | |
| | Катышуучулар активдүү болушту | | | | |
| | Иш-чаралар өз учурунда аяктады | | | | |
| | Иш-чара өткөрүү орду бардык катышуучулар үчүн жеткиликтүү жана ага баруу кыйынга турбайт | | | | |
| **Катышуучулар тууралуу маалыматтар** | Катышуучулардын жалпы саны (эгерде өтө көп болсо, болжолдуу санды көрсөтүүгө болот) | | | | |
| | Аялдар | | | | |
| | Эркектер | | | | |
| | Жаштар | | | | |
| | ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү | | | | |
| | ЖКУ өкүлдөрү | | | | |
| | Башка, тактаңыз: | | | | |
| | Башка, тактаңыз: | | | | |

**Датасы:**__________ **Аты-жөнү**________________________ **Колу**___________________

**9-таблица.** Долбоордун окутуу иш-чараларын баалоо барагы.

**Долбоордун аталышы:** ____________________

**Тренингдин темасы:** ____________________

**Тренингди өткөрүү күнү:** ____________________

**Өткөрүү орду:** ____________________

____________________

**А\О, айыл** ____________________

**Катышуучулар:** ____________________

| Байкоо объектилерин кылдат сыпаттоо | Толугу менен доку-мент-теш-ти-рилди | Жарым-жар-тылай доку-мент-теш-ти-рилди | Болгон жок | Кайсы тилде | Түшүн-дүрмө-лөр |
|---|---|---|---|---|---|
| Тренингдин \ семинардын модулу | | | | | |
| Тренингдин \ семинардын программасы | | | | | |
| Таркатма материалдар | | | | | |
| Тренерлердин отчету | | | | | |
| Катышуучулардын тизмеси | | | | | |
| Чейинки жана кийинки тесттер | | | | | |
| Катышуучуларды баалоо барактары | | | | | |
| Башка документ-тер, тактаңыз (фото ж.б.) | | | | | |

**10-таблица.** Инфраструктуралык долбоорлорду байкоо үчүн текшерүү барагы.

**Долбоордун аталышы: ______________________________**
**Байкоо объекти: ______________________________**
**А\О, айыл ______________________________**
**Мониторинг жасоо учуру ________ дан ________ чейин. Жылы ________**

| Байкоо объектилерин кылдат сыпаттоо | Толугу менен | Жарым-жартылай | Туура келбейт | Түшүндүрмөлөр |
|---|---|---|---|---|
| Ремонт үчүн сатып алуу бардык эрежелерди сактоо менен жасалды | | | | |
| Материалдар чыгымдар сметасына ылайык сатып алынды | | | | |
| Сатып алуу баалары алынган материалдардын сапатына туура келет | | | | |
| Сатып алуу баалары рынок бааларына туура келет | | | | |
| Бардык сатып алуулар документтер менен тастыкталган | | | | |
| Ремонт иштери планга ылайык, убактысы бузулбастан өткөрүлүүдө | | | | |
| Ремонт иштери үчүн адистер жана тиешелүү чеберлер тартылган | | | | |
| Коомчулуктун мүчөлөрүнүн катышуусу | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **ЖӨБ органдарынын катышуусу** | | | | |
| **Коомчулуктун атынан өздүк салымды кошуу** | | | | |
| **ЖӨБ органдарынын атынан өздүк салымды кошуу** | | | | |
| **Датасы:________Аты-жөнү____________________Колу_______________** | | | | |

**Тематикалык же түзүмдүү интервью.**

Мындай кеңири интервьюнун максаты негизги темаларды камтуу болуп саналат. Ушундан улам Сиз жекече респондент үчүн колдонууга боло турган өзүңүздүн суроолоруңузду жана форматты иштеп чыга аласыз. Тема боюнча жоопторго чектелбеген убакыт жана тема боюнча бардык маселелерди талкуулаганга мүмкүнчүлүк берилет. Сиз суроолордун бир тизмеси менен түрдүү респонденттер менен интервью өткөрө аласыз, мында ар кандай жоопторду алаласыз.

Сиздин суроолоруңуз ачык болуп, суроолор ирети менен берилбеши мүмкүн, буга ийкем мамиле кылууга болот, ошондой эле Сиз кошумча суроолорду бере аласыз. Б.а. Сиз жоопторун алгыңыз келген суроолордун топтому Сизде болушу абзел, бирок кошумча суроолор аркылуу Сиз терең жоопторду алаласыз.

**Фокус-топтордо талкуулоо.**

Фокус топторду салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде көп сандагы маалыматтарды топтоо үчүн пайдаланууга болот, анткени алар катышуучуларды байкоо элементтерин да, интервьюну да камтыйт. Фокус топ – бул эркин талкуулоо, анда туура же туура эмес жооптор бол-

бойт. Катышуучулардын оптималдуу саны алтыдан онго чейин болот. Бул пайдалуу маектешүүнү алып барганга мүмкүнчүлүк берет, анда ар бири каалаганын айта алат. Топтун мүчөлөрү коомдун бир эле социалдык-экономикалык катмарынан болушу мүмкүн экендиги эсиңизде болсун, бул талкууну өткөрүүнү жеңилдетет жана социалдык белгилер боюнча тоскоолдуктардын болбошуна шарт жаратат. Талкуулар эки сааттан ашпашы керек. Талкууну кызыктырып жаткан суроонун алкагында кармаш үчүн интервью алуучу ар бир маселени талкуулоо үчүн тиешелүү убакыт бөлүшү керек. Бир же бир нече катышуучунун басым кылуусун болтурбоо маанилүү, аны түрдүү пикирлерди айтууну колдоо аркылуу азайтууга болот.

**Жамаат мүчөлөрү менен интервью/жолугушуулар.** Жергиликтүү тургундар менен жолугушуулар жамааттын бардык мүчөлөрү үчүн ачык болот. Өз ара мамиле катышуучулар менен алып баруучунун ортосунда болот, интервью алуучу жолугушууда төрагалык кылат жана интервью үчүн даярдалган планга ылайык суроолорду берет.

**Документтерди талдоо.** Документтерди (экинчи маалыматтар) талдоонун натыйжасында ишенимдүү жана өз учурундагы баштапкы маалыматтарды алууга жана долбоордун тарыхый келечегин иликтөөгө болот. Документтер жазуу түрүндөгү документтерди камтыйт (мисалы, долбоор боюнча документтер жана отчеттор, административдик маалыматтар базасы, окуу материалдары, корреспонденция, мыйзамдык документтер), ошондой эле видеоматериалдар, электрондук маалыматтар жана сүрөттөр.

**Абдан маанилүү өзгөрүү – абдан олуттуу өзгөрүү.** Негизин индикаторлор эмес, абдан маанилүү жана олуттуу өзгөрүүлөрдү сыпаттоо түзгөн мониторинг методикасы өнүгүү боюнча иштин натыйжасынын так абалын берет

жана негизги милдеттер жана долбоордун маанилүүлүгү тууралуу диалог үчүн негиз жаратат.

**PRA\PCA тез баалоо методдору –** бул бир катар кызыкдар жактарды тартууга багытталган куралдардын тобу. Көптөгөн куралдар сүрөттөр, диаграмма, чийме жана карта сыяктуу визуалдык каражаттарды көп колдонушат. Бул материалды катышуучулар үчүн бир топ жеткиликтүү кылат. Ошондой эле бул методдор коомчулуктун көп өкүлдөрүнөн маалымат топтогонго шарт түзөт. Маалымат топтоодо катышуучуларды топторго – эркектер, аялдар, жаштар кылып бөлүү сунушталат.

**Сурамжылоолор \ Суроолор.** Системалуу түрдө уюштурулган, бир нече суроолорду камтыган маалымат топтоо куралы, ошондой эле суроону кантип берүү тууралуу маалымат топтоо/интервью алуучу үчүн бир катар көрсөтмөлөр (эреже катары, иликтөөдө, калкты сурамжылоодо колдонулат).

Жергиликтүү коомчулуктарда иштеген долбоорлор үчүн иштеген жана жеоргиликтүү коомчулукту өнүктүрүүгө багытталган бардык кызыкдар тараптарды мониторинг процессине жана /же мониторинг менен баалоону презентациялоого тартуу абдан маанилүү экенине Сиздин көңүлүңүздү бургубуз келет. Башка сөз менен айтканда, коомчулуктун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн катышуусун, жоопкерчилигин жогорулатуу үчүн мониторинг ошондой эле долбоордун коомчулук алдында отчеттуулугун жогорулатууга таасир этет. Буга байланыштуу Сиздин долбоорлор жарандык коом уюмдары менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы кызматташууну бекемдөөгө багытталганын эске алуу менен, мониторинг жана баалоо процессине ошондой эле ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүн тартуу зарыл.

## 3.3. Долбоорду баалоону өткөрүү.

Баалоо долбоордун бардык милдеттерине жана таасир этүүсүнө карата жетишилген прогрессин аныкташы керек. Жалпысынан баалоо мониторинг менен аныкталган натыйжасына караганда долбоордун акыркы жыйынтыгына жана таасир этүүсүнө көңүлүн бурушу зарыл болот. Эгерде мониторинг системасы жакшылап иштебесе, баалоо долбоордун ишмердигинин айрым бөлүктөрүн караганга багытталышы мүмкүн. Бирок, мониторинг бул баалоонун негизин түзгөн пайдубал экени эсибизде болушу шарт. Жогоруда белгилегендей, МжБ отчеттуулук, аткарууну жакшыртуу, окутуу жана байланыш түзүү үчүн маанилүү. Ар бир конкреттүү баалоону өткөрүүдө көңүл долбоордун түрүнөн, баалоону өткөрүүдө аны алга жылдыруучу болгон кызыкдар тараптардан жана баалоо учурунда долбоордун алдында турган конкреттүү маселелерден көз каранды болот.

Баалоонун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн баалоонун максаттары жана милдеттери так аныкталышы зарыл.

- Кийинки долбоорлордо колдонуу максатында баалоо аяктаган долбоордон сабак алыш үчүн керек болот.
- Колдонулган методдор жана мамилелер, ошондой эле зарыл ресурстарды аныктоо баалоонун коюлган максатынан көз каранды болот.

Баалоону өткөрүү учурундагы **негизги кадамдар:**

- Баалоонун максаттарын, милдеттерин жана негизги маселелерин аныктоо;
- Баалоо үчүн техникалык тапшырмаларды иштеп чыгуу;
- Маалымат топтоо методдорун жана негизги респонденттерди баалоочулар менен макулдашуу;

- Баалоону өткөрүү – маалымат топтоо;
- Топтолгон маалыматтарды талдоо;
- Баалоонун натыйжалары боюнча отчет.

Баалоого катышкандар баалоодо эмнени издеп жатканын билүү үчүн анын схемасын жаратуу маанилүү. Аны үчүн практикада көпчүлүк учурда долбоорду баалоонун **беш негизги критерийлери** колдонулат. Бирок, конкреттүү деталдар ар бир критерийге жазылышы мүмкүн, алсак: натыйжалуулук, таасир этүү, туура келиши (релеванттуулук) жана омоктуулук. Баалоонун техникалык тапшырмасы адатта баалоонун ушул беш критерийине таянат. Натыйжалуулук – бул критерий долбоорго сарпталган чыгымдар менен салыштырып натыйжаны аныктайт. Ал төмөнкү маселе менен байланыштуу: сарпталган ресурстар талап кылынган натыйжаны алуу үчүн жакшылап колдонулганбы.

Натыйжалуулук аткарылган ишмердик каалаган натыйжага жетүүгө канчалык жардам бергенин көрсөтөт. Башка натыйжалар аркылуу мындан жакшы натыйжага жетүүгө болот беле?

Таасир этүү – долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында айрым адамдарда, коомчулукта жана институттарда кандай өзгөрүүлөр болгонун көрсөтөт (жынысы, курагы, этникалык тиешелүүлүгү ж.б. боюнча бөлүштүрүлөт).

Туура келүү – долбоордун максаттары жана милдеттери максаттык топтордун артыкчылыктарына жана муктаждыктарына канчалык деңгээлде туура келгенин билдирет. Тандалган иш-чаралар жана мамиле канчалык коюлган максаттарга, милдеттерге туура келгенин жана аларга жетишүүгө болорун билдирет.

Омоктуулук – долбоордун ишмердигинен болгон өзгөрүүлөр канчалык узак болорун көрсөтөт. Мында үч аспект боюнча каралат – долбоордон кийин каржылык колдоо канчага созулат? Бул маселе боюнча долбоордон кийинки иш кандайча уюштурулат, долбоордон кийинки аракеттер натыйжаларды бекемдөөгө арналабы? Коомчулуктагы өзгөрүүлөр канчалык узакка сакталат? Долбоор коомчулуктун мүчөлөрүнүн жүрүм-турумунун өзгөрүүсүнө же андан кийин көпкө сакталган күндөлүк практикага салым коштубу?

**Баалоо үчүн техникалык тапшырма.**

Баалоону адатта тартылган сырткы эксперттер өткөрөт, андыктан баалоого тартылган нерселерди жана алардын баалоо процессиндеги конкреттүү ролун толук түшүнүү үчүн баалоонун техникалык тапшырмасы иштелип чыгат. Башка сөз менен аны баалоочулардын кызматтык милдеттерин сыпаттоо деп атоого болот. Техникалык тапшырма сырткы кеңешчилер үчүн гана эмес, аларды толук түшүнүү жана баалоону өткөрүүгө катышуу максатында долбоордун кызматкерлери үчүн да иштелип чыгышы керек. Техникалык тапшырма иштелип чыккандан кийин тандалган баалооочулар менен ал талкууланат, андыктан ага жетишээрлик узак убакыт берүү зарыл. Техникалык тапшырма өзүнө долбоор, баалоонун милдеттери жана масштабы, анын методологиясы, баалоону өткөрүүнүн графиги, күтүлгөн натыйжалар, керек болгон чыгымдар тууралуу базалык маалыматты камтыйт.

Адатта техникалык тапшырмада баалоо боюнча боло турган методдор көрсөтүлөт, бирок алар долбоорду баалоочулар менен макулдашылышы жана анда негизги методдор менен маалыматты топтоо куралдары аныкталышы зарыл. Б.а. баалоо методдорун аныктагандан кийин, мисалы бул айылдын тургундарын сурамжылоо болду дейли, ан-

кетанын суроолорун талкуулап, фокус-топтордогу негизги суроолор заказ бергендер тарабынан иликтенип, алар менен макулдашылышы керек болот.

Мындан сырткары баалоочу долбоордун өкүлдөрү менен бирдикте негизги респонденттердин тизмесин түзөт, алар баалоого катышышат, максаттык топтун тизмеси абдан көп болуп калса, анда маалыматты натыйжалуу топтоо үчүн **тандоонун кайсы түрүн** колдоно турганы тууралуу баалоочулар чечим кабыл алышы керек болот. Долбоордун өкүлдөрү сурамжылоо же барып кароо үчүн тизмени эч качан таңуулабашы керек. Баалоочулар алдыга коюлган баалоо милдеттерине жараша респонденттерди тандай алышат. **Мисалы,** долбоордо мобилдик китепкананын кызматынан Нарын облусундагы түрдүү райондордон көп айылдар катышат, ошондой эле китепкананын кызматынан пайдалануучулар да ар түрдүү (жаштар, балдар, аялдар ж.б.) болушат. Мындай долбоорлорду баалоодо барып кароо үчүн бир канча айылды тандоо керек, анткени бардык айылдарды камтуу убакыт жана ресурс жагынан да мүмкүн эмес. Бирок, айылдарды тандоодо тургундардын жашоосу боюнча (чакан же чоң айыл) ар кандай айылдар тартыла тургандай болушу керек, ага китепкана чоң суроо-талапка жана ийгиликке ээ болгон айыл жана калк анча активдүү болбогон айыл да кириши зарыл – натыйжасы бирдей айылдарды баалоонун кереги жок, келечекке сунуштарды иштеп чыгуу үчүн эмне ийгиликтин фактору болорун, эмне ийгиликтин фактору болбогонун талдоо зарыл. Ошондой эле калктын тартылуусу боюнча, аялдар көп тартылган айылдарды, жаштар аз же тескерисинче болгон айылдарды да тандоо керек. Башка сөз менен баалоо объектилерин жана респонденттерди тандоо кылдат болушу зарыл жана долбоордун кызматкерлери баалоо ревизия эмес экенин, ал жетишкендиктерди талдоо жана долбоордун таасирин талдоо аракети экенин түшүнүү керек.

Маалыматты топтогондон жана алгачкы талдоодон кийин баалоочулар биринчи алынган натыйжаларды, корутундуларды жана сунуштарды көрсөтүү, кайтарым байланышты алуу үчүн адатта долбоордун командасы менен баалоо жолугушуусун өткөрүшөт. Бул учурда долбоордун кызматкерлеринде түшүндүрмө берүү жана баалоочулардын кайсы бир ойлору алардын пикирине каршы келсе, аларды тактоо мүмкүнчүлүгү болот.

Баалоонун натыйжасы катарында баалоочу талдоо, корутундулар жана келечек үчүн сунуштар менен аналитикалык отчетту даярдап берет. Отчеттун форматы, отчет жазуу үчүн сунуштар кийинки төмөнкү пунктта берилди.

**11-таблица.** Баалоо үчүн техникалык тапшырманын формасы.

1. **Базалык маалымат.**
   - Долбоордун аталышы, долбоорду кыскача сыпаттоо.
2. **Баалоонун милдеттери жана масштабы.**
   - Баалоонун максаты
   - Баалоонун конкреттүү милдеттери – ал кандай суроолорго жооп бериши керек, мисалы,

     Долбоордун ишмердиги жана ал жетишкен ийгиликтер коюлган милдеттерди чечүүгө алып келеби?

     Долбоордун милдеттерин чечүү анын максаттарына жетүүгө жардам береби?

     Долбоордун иш-чаралары коюлган милдеттерге жана күтүлүүчү натыйжаларга шайкеш келеби?

     Бул долбоордун ишмердигинен кандай сабактарды алууга болот?

     Мониторинг системасы канчалык натыйжалуу?

     Долбоор омоктуубу? ж.б.

3. **Методология.**

- Методологияны ким аныкташы керек – баалоочуларбы, баалоочулар командасынын лидериби, кызыкдар тараптарбы?
- Кандай методология болот? Баалоо өткөрүүдө канчалык катышуу деңгээли каралат? Маалымат топтой турган адамдар жана топтор, баалоого катышуучулардын ар кандай топтору үчүн кандай куралдар болору, кандайча тандалып алынары ж.б. көрсөтүлүшү зарыл.

4. **Баалоону өткөрүү графиги.**

- Методологияны, куралдарды талдоо датасы;
- Маалымат топтоо, жолугушуулар, эл арасына чыгуулар датасы;
- Баалоо боюнча биринчи жана финалдык отчетту берүү даталары;
- Пландалган визиттердин кеңири жазылган графиги, ким, качан, кайда болот.

5. **Баалоо процессин башкаруу.**

- Баалоо заказы жана жумушту бекитүү үчүн жооптуу кызматкер;
- Суроолор жаралып калса, баалоочу кайрыла турган кызматкер;
- Чыгуулар, мейманканалар, жолугушуулар ж.б. ушул сыяктуу иш-чараларды практикалык уюштуруу үчүн жооптуу кызматкер.

6. **Күтүлүүчү натыйжа.**

- Өнөктөш менен түз кайтарым байланышты кантип жаратуу керек;
- Жыйынтык отчеттун форматы;
- Мүмкүн болуучу күтүлүүчү сунуштар, б.а. кызыкдар тараптардын кайсы тобуна сунуштар иштелип чыгышы керектигин аныктоо зарыл;
- Отчетту ким текшерет жана ал боюнча түшүндүрмө берет.

## 3.4. Мониторинг менен баалоонун натыйжалары – отчеттуулук.

**Мониторингдин натыйжалары боюнча отчеттор**.

Индикаторлорду карап көзөмөлдөө таблицасы кандайча мониторинг боюнча отчеттун бир түрү болот? Мындай таблицаны сандык индикаторлорду карап көзөмөлдөөдө колдонууга болот. Бул таблицада маалымат топтоонун тездиги чейрек сайын жана ай сайын болушу мүмкүн. Эгерде тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн четтеп кетүүлөр болсо, бул таблица аркылуу долбоор коюлган максаттарга канчалык жетишип жатканын визуалдуу түрдө көрүүгө болот. Ошондой эле долбоордун аткаруучулары иш жүзүндөгү четтеп кетүүлөр тууралуу баяндама отчетто түшүндүрмө бериши зарыл.

Инфраструктураларды өнүктүрүү менен байланышкан долбоорлорго мониторинг жасоо үчүн отчеттуулуктун формасы катары текшерүү барактарын колдонуу сунушталат. Бирок, долбоорду аткаруучулар эле эмес, ЖӨБ органдары жана айыл тургундары катышкан инфраструктуралык долбоорлорго мониторинг жасоо үчүн түрдүү кызыкдар тараптардан турган мониторинг жасоо тобун түзүү максатка ылайык болот. Алар байкоо методдору аркылуу жума сайын мониторинг өткөрүшөт жана текшерүү тизмесин толтурушат, анын натыйжалары айыл тургундарынын кеңири чөйрөсүнө билдирилет.

Эгерде мониторинг бир нече индикаторлор боюнча өткөрүлсө, анда жалпысынан мониторингдин жыйынтыгы боюнча кыскача отчетту колдонууга болот, анда жалпысынан долбоордун жүрүшү, прогресс жана негизги жетишкендиктер, мониторинг өткөрүү учурундагы кыйынчылыктар тууралуу маалымат болот. Мониторингдин натыйжалары боюнча отчеттор негизги корутундулар

жана сунуштар менен кыскача болушу зарыл, алар долбоор коюлган максаттаргы карай жылып жатканын, эгерде андан четтөөлөр болсо, алар эмне үчүн болгонун, аларды кандайча жоюуга болорун көрсөтүшү керек болот.

**12-таблица.** Мониторинг жасоонун методологиясынын болжолдуу формасы.

| | |
|---|---|
| **Долбоордун аталышы** | |
| **Долбоордун убактысы** | |
| **Мониторингдин убактысы** | |
| **Мониторингдин мөөнөтү** | |
| **Мониторингдин максаты/негизги суроолору** | |
| **Мониторингдик планга жана логикалык рамкага ылайык индикатор жана күтүлгөн натыйжа** | |
| **Мониторингдин методдору**<br><br>*Колдонулган куралдарды алардын форматына ылайык тиркеме катары киргизиңиз.*<br><br>*Мисалы, эгерде сиз фокус-топ өткөрсөңүз, негизги суроолору менен фокус-топ ишмердигинин (ФГДнын) формасын тиркеңиз . Эгерде, жарым түзүлүштөгү интервью болсо анда суроолорду, эгерде байкоо болсо, анда текшерүү баракчаларын тиркеңиз ж.б.* | |
| **Маалымат булактары**<br><br>*Ким респондент болот, кандай документтер каралат ж.б.* | |

| | |
|---|---|
| **Тандоо**<br>*Максаттуу топтун бардык санынын ичинен канча сандагы респонденттерди камтыгыңыз келет, көрсөтүңүз, мисалы, тренингдин 20% катышуучусу сурамжыланат, кокусунан тандоо методуна туш келгендер катышуучулардын тизмесинен алынып салынат.* | |

**13-таблица.** Мониторингдин натыйжасы боюнча отчеттун болжолдуу формасы.

| | |
|---|---|
| **Долбоордун аталышы** | |
| **Долбоордун убактысы** | |
| **Мониторингдин убактысы** | |
| **Мониторингдин мөөнөтү** | |
| **Мониторингдин максаты/ негизги суроолору** | |
| **Мониторингдик планга жана логикалык рамкага ылайык индикатор жана күтүлгөн натыйжа** | |
| **Мониторингдин методдору жана катышуучулары** | |

1. **Жалпы маалымат.**
   (мониторинг учурунда өткөрүлгөн негизги иш-чаралар, катышуу орду, мониторингдин катышуучулары боюнча маалымат: саны, гендери, курагы ж.б.)
2. **Алынган маалымат.**
   (ар бир индикатор үчүн мониторингдин жыйынтыктарынын, суроо-жооптордун, фокус-топторду ж.б. талдоо)
3. **Корутундулар жана сунуштар,** долбоордун көрсөтүлгөн максатка ылайык кыймылда болуп жатканын көрсөтөт, эгерде четтөөлөр болсо, эмне үчүн пайда болду жана аны кандай жол менен жоюуга болору айтылат.
4. **Тиркеме** (толтурулган анкеталар, суроо-жооптор, респонденттердин тизмеси, эгер бар болсо, ийгиликтин тарыхы)

## Баалоонун натыйжалары боюнча отчеттор.

Баалоонун жыйынтыгы боюнча отчеттун форматы техникалык тапшырмада эскертилип айтылат, анда долбоордун өкүлдөрү отчеттон кандай негизги пункттарды көрүүнү күтүшөөрү аныкталат. Баалоонун жыйынтыктары боюнча отчеттордун түзүмү көбүнчө окшош болот жана төмөнкү бөлүктөргө бөлүнөт:

- Отчеттун киришүү бөлүгүндө – долбоордун кыскача таржымалы, баалоонун максаты жана милдеттери, баалоонун методологиясы, жалпы жыйынтыктар жана сунуштар болот.
- Отчеттун негизги бөлүгүндө – маалыматты чогултуунун натыйжасы, баалоонун ар бир критерийи боюнча талдоо (натыйжалуулук, ылайык келүүчүлүк, аракет кылуучулук, омоктуулук) болот. Алынган маалыматтарды баяндап жазуу үчүн жалпылоочу таблица/ матрицалар, графиктер, диаграммалар, карталар жана башка негизги тенденцияларды жана корутундуларды көргөзмөлүү сунуштаган визуалдык каражаттар пайдаланылат. Отчеттун бул бөлүгүндө талдоо жана берилген маалыматтар долбоордун картинасын түзүү максатында чагылдырылат, долбоор кантип жайылганын, анын өнүгүүсүн жана негизги жетишкендигин (же алардын жетишпестигин) түшүндүрүү.
- Баалоонун ар бир критерийи боюнча корутундулар – баалоонун натыйжасы ар бир критерийлерден жана баалоодон улам жасалышы керек жана жогоруда айтылган талдоолорго жана алынган маалыматтарга ылайык келиши керек. Башкача айтканда баалоонун бардык жыйынтыктары отчеттун негизги бөлүгүндө келтирилген маалыматтарга негизделиши жана база болушу керек.

- Ар бир критерийге сунуштар жана андан сабак алуу – талдоону бүткөрүү үчүн табылган фактыларды жана жыйынтыктарды сын көз менен карап жана аларга келечектеги иштер жана сунуштар үчүн бардык алынган сабактарды тартуу зарыл. Ошондой эле кээ бир учурларда заказ берүүчүлөр сунуштарды пайдалануучуларга карап топ боюнча бөлүүнү сунушташат, мисалы, долбоордун кызматкерлеринин, донор уюмдардын, башка кызыктар жактардын сунуштарына токтоосуз реакция кылуу стратегиялык дайындоодо болушу мүмкүн.

Негизинен финалдык отчет донорлор, долбоордун жетекчилиги менен, ошондой эле долбоордун негизги аткаруучулары менен талкууланат жана келечектеги долбоорлор үчүн кандай сунуштар колдонулса, ошол чечимдер кабыл алынат.

**Эсиңизде болсун!**

- Мониторингди жүргүзүү жана баалоо методун тандоо МжБнын алдына максат жана милдетерди коюудан көз каранды.
- МжБны пландаштырууда маалыматты чогултуунун убактысын так көрсөтүүгө аракет кылыңыз, көпчүлүк убактарда долобоордун инфраструктуралык мүнөзүн эске албай мониторингди бат-бат жүргүзүү зарыл деле эмес.
- Долбоордун иши туура эмес жүргүзүлө баштаса, МжБнын жыйынтыктары токтоосуз түрдө талкууланышы керек же болбосо долбоордун кызматкерлерине өткөрүлүп берилиши керек.
- Техникалык тапшырма негизги документ – баалоочулар үчүн кызматтык нускама болуп эсептелет, ошондуктан техникалык тапшырма так, түшүнүктүү жана силерди кызыктырган бардык суроолорду камтуусуна көңүл буруңуз.
- Респонденттедин тандоосу да МжБнын сапатына таасир этет, ошондуктан буга жоопкерчиликтүү мамиле кылуу сунушталат жана бардык жактардын пикирлерин угууга аракет кылыш керек.
- Баалоонун жыйынтыгы боюнча отчетту жарыялоого жана өнөктөштөрдүн, донордук уюмдардын электрондук почтасына жиберүүгө жана долбоордун жыйынтыктары менен бөлүшүүгө болот.

## 3.5. МжБ системасын түзүү үчүн негизги кадамдарды аткарууну текшерүү барагы.

| | |
|---|---|
| **МжБга даярдануу** | |
| | Логикалык рамканы иштеп чыгыңыз |
| | Мониторингдин планынын жана баасынын таблицасын толтуруңуз |
| | Базалык тизмектин таблицасын толтуруңуз – баштапкы абалда базалык изилдөөнү жүргүзүңүз. |
| | Кызматкерлер үчүн атайын маалымат булактарына ылайык семинар өткөрүңүз жана долбоордун аткаруучулары жер-жерлерде отчетту, тизмелерди, форманын түрлөрүн даярдаса болорун аныктаңыз, б.а. долбоордун биринчи документтерин кантип чогултса болорун аныктаңыз. |
| **МжБны өткөрүү** | |
| | Мониторинг үчүн индикаторлорду аныктаңыз |
| | Мониторингдин методдорун, триангуляцияны эске алып маалымат булактарын (үч маалымат булагы) аныктаңыз |
| | Респонденттерди тандоону аныктаңыз |
| | Тандалган ыкмаларга ылайык (суроолор, анкеталар, текшерүү барактары) маалыматты чогултуу куралдарын даярдаңыз |
| | Жерине барыңыз, маалымат топтоңуз |
| | Маалыматка талдоо жасаңыз, индикаторлорду байкоо таблицасын пайдаланыңыз |
| | Отчетко даярданыңыз, мониторингдин жыйынтыгын сунуштаңыз |
| **Баалоону өткөрүү** | |
| | Баалоонун максатын, милдетин аныктоо, техникалык тапшырманы иштеп чыгуу |
| | Баалоочуларды же баалоочулардын командасын тандоо |
| | Техникалык тапшырма, методдор жана баалоочулар менен баалоо тандоосун макулдашуу |

| | |
|---|---|
| | Баалоочуларды изилдөө үчүн долбоордун негизги документтерин сунуштоо |
| | Респонденттер, баалоочулар менен жолугушууларды уюштуруу |
| | Баалоочулар менен жолугушуулар жана талкуулар, биринчи жыйынтыктар жана сунуштар, түшүндүрмөлөр, кайтарым байланышты берүү |
| | Баалоо отчетунун баштапкы вариантын карoo, түшүндүрмөлөр, кайтарым байланыштар |
| | Финалдык отчетту кабыл алуу, басып чыгаруу, кызыккан жактарга таркатуу |

# Коррупцияга каршы жергиликтүү деңгээлде колдонулуучу чаралар боюнча сунуштар.

Коррупция (жемкорлук) – социалдык көрүнүш, ал көпчүлүк учурда конкреттүү укук бузуу түрүндө болот, ал пара алуу же мамлекеттин жана адамдардын материалдык баалуулуктарын уурдоо эле эмес, коомдогу мамлекеттин көзөмөлүндө болбогон экономикалык жана социалдык мамилелердин бүтүндөй системасы, ал каржылык жана материалдык ресурстарды зор көлөмдө коррупциялык түрдө айлантууну камсыз кылат, анын көлөмүн тиешелүү көрсөткүчтөр менен баалоого болот. Коррупцияны кабыл алуу индекси (Corruption Perceptions Index) статистикалык маалыматтардын жана экспертик булактардан алынган маалыматтардын негизинде эсептелген бирдиктүү индикаторду билдирет. Индекс мамлекеттик сектордун коррупциялашуу деңгээлин кабыл алуунун негизинде 0дон (коррупциянын эң жогорку деңгээли) 100гө (коррупциянын эң төмөнкү деңгээли) чейинки шкала

боюнча мамлекеттерди жана аймактарды деңгээлдерге, топторго бөлүштүрөт. Демек, канчалык ачуу болсо да, Кыргызстан 100дөн болгону 24 балл алып, коррупциянын деңгээли боюнча 177 мамлекеттин ичинде 150-орунду ээлеп турат, бул өлкөдөгү коррупциялашуунун жогорку деңгээли тууралуу билдирип турат.

Жарандык коом секторундагы коррупция тууралуу айта турган болсок, азырынча жарандык коом уюмдары (ЖКУ) түз же кыйыр түрдө эл аралык, мамлекеттик жана башка колдоону алып жатышат, демек, коомчулукка, кызыкдар тараптарга болгон отчеттуулуктун жогорку деңгээлин көрсөтөт деп күтүлүүдө. Мындай коомчулукка уюмдун мүчөлөрү, пайда көрүүчүлөр, донорлор, бийлик органдары жана башка стейкхолдерлер (кызыкдар тараптар) же кардарлар кирет. Мониторинг менен баалоонун натыйжалуу системасы кайсы бир деңгээлде коррупция менен күрөшүү боюнча чара жана курал болот.

Төмөндө берилген бир катар сунуштар ЖКУ жана ЖӨБ долбоорлорун ишке ашырууда коррупцияны кыскартып, ал тургай, жоё алат:

1. Ак ниет башкаруунун принциптеринин бири бийлик менен ресурстар бир адамдын же адамдардын тобунун колуна топтолбогондой кылып чечимдерди кабыл алуу ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү болуп саналат. Ошентип, мамлекеттик сектордо ак ниет башкаруу бийлик бутактарынын (мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот) ортосундагы тең салмактуулук жана бири-бирин көзөмөлдөп туруу системасына негизделген. Мындай система жарандар бийликти көзөмөлдөп, бийликтин чындыгында коомдун кызыкчылыгында кызмат кылышы үчүн кеңири коомчулукту тартуу менен, идеалдуу түрдө ар кандай бийлик булактарынын ортосундагы дайыма болуучу кеңешүүнү билдирет. ЖКУдагы ак ниет башка-

руу да ушундай эле чийме менен иштеши зарыл, эгерде бул уюмда коррупцияны болтурбоо боюнча коомдук кызыкчылыктарды сактоону камсыз кылуучу ички тең салмактуулук жана бири-бирин көзөмөлдөп туруу бар болсо, ал ак ниет башкарууну ишке ашырып жатат дегенди билдириши керек. ЖКУдагы ак ниет башкаруу жалпы жетекчилик менен менеджменттин кызматтарын ажыратып бөлүүгө жана алардын ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүгө негизделген болушу керек. Мындай принцип коррупцияны болтурбоого, бир адамдын же топтун таасирин ооздуктоого, ресурстарды мыкты башкарууну камсыз кылууга гана жардам бербестен, уюм өзүнүн пайдалуу багытынан жана социалдык уставдык максаттарынан жана милдеттеринен четтеп кетпегенин да карап көзөмөлдөйт.

2. Коомго, ошондой эле коммерциялык эмес уюмдардын бенефициарийлерине (пайда көрүүчүлөрү) жакын болуу үчүн, бул бүтүндөй дүйнөдө бир эле учурда каржылоо жана материалдык эмес колдоо булагы болуп саналат, коммерциялык эмес уюмдар өзүнүн ишмердиги тууралуу аларга маалымдап турат, бул максатта төмөнкүлөр колдонулат:

   – бюджет жана долбоордун натыйжалары тууралуу кеңири маалымат менен чектелбеген чөйрөгө багытталган жылдык ачык отчеттор;

   – уюмдун ишмердиги тууралуу маалыматты интернетке жана жалпыга маалымдоо каражаттарына (ЖМКга) жайгаштыруу;

   – стейкхолдерлерди (кызыкдар тараптарды) жана чечүүчү адамдарды ачык эшиктер күндөрүнө чакыруу;

– көз карандысыз аудит өткөрүү практикасын киргизүү;

– стейкхолдерлерди, ыктыярчыларды (волонтерлорду), өнөктөштөрдү, пайда көрүүчүлөрдү, ЖМК жана башка ЖКУ өкүлдөрүн уюмдун ишмердигин баалаганга тартуу.

Иш жүзүндө алар тууралуу эч нерсе белгисиз болгон ЖКУларга караганда ачык-айкын жана отчет берип туруучу уюмдар көпчүлүк учурда коомдун ишенимине жана колдоосуна ээ болушат. «Ачыктык» куралы менен бирге эле «айкындык» куралын колдонуу да маанилүү, биринчиси ЖКУнун отчетторунун болушун, ал эми экинчиси алардын түшүнүү үчүн жеткиликтүүлүгүн көрсөтөт. Айкындык максаттуу дайыма болуучу төмөнкү аракеттерди билдирет:

– веб-сайтты түзүү жана аны оперативдүү колдоо;

– ачык эшиктер күндөрүн дайыма өткөрүү;

– ЖКУнун базасындагы экскурсиялар, окуу визиттери жана стажировкалар;

– ЖКУну сырткы коомдук баалоо;

– анын ишмердигин, пландарын, программаларын дайыма ички баалоо;

– уюмдун иши тууралуу маалымат бар жаңылыктар барагын таркатуу, буга жетишкендиктер, натыйжалар, пландар жана маанилүү болгон чыгымдарды көрсөтүү менен долбоордун бюджети кирет;

– долбоорду ишке ашырууга стажерлорду жана ыктыярчыларды тартуу;

- маалымат барактарын АӨтүн имаратына, калк топтолгон жерлерге, аймактын ар бир айылына илүү жана долбоор, бюджет тууралуу маалыматты дайыма жаңылап туруу, долбоорду ишке ашыруу жана болуучу иш-чаралар тууралуу пландар кайсы баскычта экенин маалымдоо;
- айылдагы жыйындар, чогулуштар, жолугушуулар учурунда жасалган иштер, чыгымдалган каражаттар жана пландар тууралуу чыгып айтуу жана көрсөтүү;
- жаңылык алмашуу жана аны жаңылоо үчүн ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү менен дайыма жолугушууларды өткөрүү;
- социалдык тармактарда, тактап айтканда Facebookта, блокторду жана форумдарды алып баруу.

3. Жер-жерлердеги демилгелүү топтордо көз карандысыз мониторинг комитетин түзүү, ал долбоорго каржылык мониторинг жасап, ар бир/эки айда долбоордун каражаттары кандайча чыгымдалып жатканы тууралуу отчет бергенге укуктуу болот. Аны үчүн мониторинг комитетинин мүчөлөрү текшерүү барагын колдоно алышат, анда (тиешелүү мезгилде – ар бир жумада жана/же материалдарды, жабдууларды, кеңсе товарларын ж.б. ар бир сатып алуудан кийин) канча каражат ачык-айкын жана сатып алуунун бардык эрежелерин сактоо менен чыгымдалганын көрсөтөт. Эгерде мониторинг комитети сарпталган каражаттар менен сатып алынган материалдардын ортосунда айырмачылыктарды жана/же сатып алуулар эреже бузуулар менен жасалганын аныктаса, ал ресурсту берген уюмдарга жана демилгелүү топко жазуу түрүндө кайрыла алат.

4. ЖКУ өкүлдөрүнүн сатып алуу эрежелери жана жол-жоболору, долбоорлорду ишке ашыруу, мониторинг жана баалоо, отчеттуулук, ошондой эле мүмкүн болуучу коррупциялык тобокелчиликтер жана коррупцияга каршы натыйжалуу чаралар тууралуу сөзсүз түрдө маалымдоо боюнча дараметин арттыруу.

5. Демилгелүү топ жер-жерлерде даттануу жол-жоболорун иштеп чыгып, жашыруун даттануулар жана сунуштар үчүн кутуларды айыл өкмөттүн имаратына коюп, кайсы маселелер боюнча ким кандай формада даттана аларын көрсөтүү менен, түшкөн даттанууларды карап чыгуу боюнча мындан аркы иш-аракеттер кандайча болору тууралуу жол-жоболорду түшүндүрө алат.

Жогоруда көрсөтүлгөн чаралар жана сунуштар ЖКУнун ишин гана алга жылдырбастан, жер-жерде коррупцияга каршы күрөшкөнгө да жардам берет.



## ЭСКЕРТҮҮЛӨР ҮЧҮН

## ЭСКЕРТҮҮЛӨР ҮЧҮН

## ЭСКЕРТҮҮЛӨР ҮЧҮН